**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 09.16.534**

Кол жазма укугунда

**УДК: 130.2 : 372.8 (575.2) (043.3)**

**Уметалиева–Баялиева Чынар Топчубековна**

# СҮЙЛӨӨ ТИЛИНИН ЖАНА МУЗЫКАНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ: КУЛЬТУРОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

Адистиги: 24.00.01 – маданияттын теориясы жана тарыхы

**Культурология илимдеринин доктору даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферата**

**Бишкек – 2017**

Диссертациялык иш КР УИАнын Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институтунун “Руханий маданияты” бөлүмүндө аткарылды

**Расмий оппоненттери:** культурология илимдеринин доктору, профессор **Прыткова Людмила Александровна**

тарых илимдеринин доктору, профессор **Асанканов Абылабек Асанканович**

филология илимдеринин доктору, профессор **Ибрагимов Суюнтбек Ибрагимович**

**Жетектөөчү мекеме:** Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы
720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Малдыбаев көч., 34 б

Диссертациялык эмгек 2017 жылдын «___»__________ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун жана Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана культурология боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д 09.16.534 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен КР УИА Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071), Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2017 жылдын «____»______________ таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, философия
илимдеринин кандидаты
а. и. к. **Акматова Н.С.**

# ЭМГЕКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу**

XX–XXI кылымдардын тогошуусунда илимий дүйнө таануу ыкмасы өзгөрүп барат, ал интегративдүү, поли- жана дисциплиналар аралык болуп калат. Илимий билимди уюштуруу принциптери жана курчап турган дүйнөнү изилдөө эрежелери түп-тамырынан бери өзгөрөт. Ар башка дисциплиналардын адистеринин жалпы илимий максаттар менен илимий кызматташуусу кеңейет. XX кылымда келип чыккан маданият таануу изилдөө предметинин өзгөчөлүгүнөн улам интегративдик жана дисциплинардык билим формасына талапкер болот, анткени *маданият* – бул анын бүткүл ар түрдүүлүгүн камтыган адамдын ишмердик чөйрөсү. Ушундан улам билимдин интегративдик формасы болгон маданият таануу универсалдуу дүйнө таанымды калыптандырууга көмөк көрсөтүү менен өзгөрүп жаткан дүйнөнүн талаптарына ийкемдүү жана динамикалуу жооп берүүгө жөндөмдүү. Маданият таанууну иликтөөнүн предмети жана объекти маданияттын конкреттүү тиричилик ыкмаларында анын иш жүзүндөгү көп түрдүүлүгүнө айланат. Бүгүнкү күндө, XXI кылымдын башында комплекстүү мамилесиз, тигил же бул жакта терең жана энциклопедиялык билимсиз кандайдыр-бир олуттуу илимий милдеттерди иликтөө мүмкүн эмес. <u>Тил</u> сыяктуу белгилүү система көп багыттар боюнча илим катары классификацияланган, ал эми <u>адамдын тилинин</u> келип чыгуу маселесин талкуулоо соңку мезгилде жаңы илимий деңгээлге чыкты. ***Сүйлөө тили*** жана ***музыканын*** же адамдын ***вербалдык-синтаксистик мүмкүнчүлүктөрдүн*** өз ара мамилелери жана аны билдирүүнүн ***интонациялык-музыкалык ыкмасы*** сыяктуу глобалдуу жана жалпыланган теманы изилдөө маселени чечүүгө жаңы, системалык мамиледен улам мүмкүн болуп калды.

Диссертациялык изилдөөнүн башкы темасы адамдын тилинин *башаты* жана *эволюциясы*, анын *дуалдык маңызын* – “музыкалык тил” жана “сүйлөө тили” сыяктуу билдирүүнүн фундаменталдык формаларында кароо болуп саналат. *Эволюциялык антропологияга* чыгуу менен коштолгон *сүйлөө тили* менен *музыканын* келип чыгышынын көйгөйлөрү менен баса көрсөтүлөт. Илимий изилдөө билимдердин дисциплиналар ортосундагы ашташкан жерде курулат. Диссертацияда: лингвистиканын, жалпы тил таануунун, музыка таануунун, музыка теориясынын, этнографиянын, палеоархеологиянын, палеоантропологиянын, генетикасынын, физиологиянын, нейрофизиологиянын, когнитивдик психологиянын ж.б. илимий маалыматтары пайдаланылган.

Изилдөөнүн негизги темаларынын бири болуп *сүйлөө тилинин жана музыканын* келип чыгуу темасы саналат. Бул маселелер башка да көп сандаган *тилдин эволюциясынын, коммуникациянын эволюциясынын, адамдык түрлөрдүн эволюциясынын* ж.б. көйгөйлөрү сыяктуу кыйла маанилүү аягы түгөнгүс темаларга байланышкан. Ар башка өлкөлөрдүн

илимпоздору *тилге* байланышкан ушул жана башка суроолорго жооп берүүгө чакырылган ар башка жактарда өз изилдөөлөрүн улантып жатышат.

Бүгүнкү күндө тилдин келип чыгышы жөнүндө ар кандай гипотезалар жана теориялар курулууда. Диссертант таянган илимдин бири болуп ***моногенез теориясы*** саналат – ал дүйнөнүн бардык тилдеринин бир гана түпкү тилден келип чыгышы жөнүндө теория, анын алгачкы илимий формасы катары ар түрдүү мифологиялык жана диний түзүлүштөр эсептелет, ага ылайык адамзат пайда болгон алгачкы мезгилде аларда бир гана тил болгон (тилдердин вавилондо аралашып калышы жөнүндө эски осуяттагы аңгеме, Эдиптин байыркы грек табышмактары, ага ылайык аламда “бир гана тил – добуш” болгон, б.з.ч. 3 миң жылга жакын “бардык адамдар бир тилде гана Энлил кудайына сыйынган” мифологиялык мезгил жөнүндө байыркы месопотамия же шумер аңгемелери).

Генетика, эволюциялык антропология жана биология, нейрофизиология, палеопсихология жана башкалар сыяктуу заманбап илимдин жетишкендиктери ушундай татаал суроолорго жооп бере алат, анткени узак мезгил бою адамзат божомолдор жана фантастикалык ой-жорулар менен чектелип келген.

Биздин гипотеза боюнча *сүйлөө тили* жана *музыкалык тил* бир - *алгачкы тил* же *түпкү тил*[1] деп аталган булактан чыккан. *Тилдин* эки формасында тең бириктирүүчү башат болуп ***интонация*** саналат. *Музыкада* жана *тилде* интонация өзүнүн физиологиялык өзгөчөлүктөрү менен сезимди, эмоцияны, ошондой эле интеллекти билдирген, сүйлөөдө жана вокалдык музыкада дем алуунун жана добуштук байламталардын булчуңдарынын иштешин жөнгө салган добуштардын же музыкалык тондордун жогорку өзгөрүүлөрүнүн процессин билдирет.

Диссертацияда ***сүйлөө тили*** жана ***музыкалык тил*** удаалаш каралат, ошондой эле адамдын тили сыяктуу адамдардын баарлашуусунун глобалдык формаларынын биринин келип *чыгышышы биримдигинин* жана *баштапкылыгынын* маселесине – анын эң кеңири таркаган түрлөрүнө – *сүйлөө* жана *музыкалык* формаларга басым жасалат. Структуралык-маңыздык жана композициялык-билдирүү түшүнүгүндө ***музыкалык тилге*** келсек – бул белгилүү болгон **музыкалык тилдин жана добушту уюштуруунун элементтери**, б.а. **музыканы билдирүүнүн (музыкалык тилдин** өзү), ошондой эле **музыкалык системасынын** каражаттары.

Диссертациянын темасын тандоо сүйлөө тилин жана музыкалык тилди (өз ара мамилесин) иликтөө маселесине жаңыча мамиле кылуу менен аныкталган, ал ар башка илимдердин эң заманбап маалыматтарына негизделген көп дисциплиналык ыкманын аркасына мүмкүн болду. Изилдөө тилдик түркүмдөр, музыкалык система, лингвистика жана музыка таануу

---

[1] Тил жөнүндө сөз болуп жатканда, эреже катары, *музыкалык тилдин* болушу унутта кала тургандыгын белгилей кетким келет.

боюнча илимий көз караштардын хронологиясы, тил көйгөйлөрүнүн нативдүүлүгү жана синкретизми, креолдук тилдер, музыканын археологиясы сыяктуу темалардын өтө көп түрдүүлүгүн камтыды.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык илимий программасына, КР УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына жана "Руханий маданиятынын" бөлүмүндөгү 2014–2018 жж. карата "Кыргызстандын көркөм маданият өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү" аттуу приоритеттүү илимий багытына туура келет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп "музыкалык тил" жана "сүйлөө тили" катары билдирүүнүн фундаменталдык формасында адамдын тилинин *дуалдык маңызын* кароо саналат. Дисциплиналар аралык билимдин тогошуусунда турган *сүйлөө тилинин* жана *музыканын* келип чыгышынын маселесине басым жасалат. **Изилдөөнүн предмети: тил таануу, лингвистика** жана **музыка таануу** – эки фундаментал-гуманитардык илимдердин берилмелери орун алат. Андан тышкары, интерилимий билимдин заманбап маалыматтарынын көз карашынан алганда сүйлөө тилинин келип чыгышынын маселеси изилдөөнүн предмети болуп калат, жана кыйла көңүл музыкалык тилдин археологиясынын жана антропологиясынын маселелерине арналган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Культурологиялык анализ негизиндеги сүйлөө тилдин жана музыканын бирдей жаралуусунун жана адамдын вербалдык-синтаксистик интонация-музыкалык жолу менен көрсөтүүнүн өз ара мамилесинин далилин аныктоо. **Изилдөөнүн максаттарын** жүзөгө ашыруу төмөнкү милдеттерди чечүү менен байланышкан:

- Дегеле *адамдын тилин* иликтеген илим катары *тил таанууну* жана *лингвистиканы* кароо жана анын байкалышынын жеке формалары. Тил таануу теориясынын заманбап көйгөйлөрү менен байланышкан кээ бир маселелерди тезистик чагылдыруу: тилдин маңызынын мүнөздөмөлөрү, анын структурасы, коомдук турмуштагы ролу, тил таануу ыкмаларынын типтери, тилдин функциялары, лингвисткаынын бөлүктөрү жана билимдин тектеш жактары, сүйлөө жана анын негизги функциялары, сүйлөөнүн касиеттери ж.б.; тил таануу дисциплиналар системасын (жалпы тил таануу, жеке тил таануу) кароо. <u>Салыштырма-тарыхый тил таануу, дүйнөлүк баштапкы тил, моногенез теориясы, ностралдык тилдер, праностралдык тил, компаративистика, макротүркүм,</u> ж.б сыяктуу лингвистиканын борбордук маселелеринин бири боюнча кароо жана тыянактар.

-*Музыкалык тилди* структуралык-маңыздык жана композициялык-билдирүү түшүнүгүндө кароо: бул <u>музыкалык сүйлөөнүн</u> жана <u>добушту уюштуруу элементтери</u>, б.а. <u>музыкалык билдирүү каражаттар (музыкалык</u>

тилдин өзү): интонация, музыкалык добуш, ыргак, добуштун бийиктиги, узактыгы, музыкалык фраза, интервал, динамика, темп, регистр, тембр, лад, добуштук катар, темперация, гамма, диапазон, тоналдуулук, обон, гармония, контрапункт, форма ж.б. Ошондой эле музыкалык системаларды: диатониканы, хроматиканы, энармониканы, пентатониканы изилдөө.

-*Сүйлөө тили жөнүндө теориялык билимдерди иликтөө.* Лингвистикалык билимдердин тарыхынын кыскача хронологиясын кароо: Байыркы Чыгыш, Байыркы Греция жана Байыркы Рим, Батыш Европа (эрте ортоңку кылым – кийинки орто кылым), Византия тил таануусу, Европалык тил таануу (16-18-кылымдар), лингвистикалык компаративизм (Вильгельм фон Гумбольдт), Европалык тил таануу (19-кылымдын 2-жарымы), XX кылымдагы тил таануунун негиздери, XX кылымдагы салыштырма-тарыхый тил таануу, XX кылымдын акырындагы тил таануунун кээ бир багыттары.

Бүгүнкү күндө тил таануу өзүнө көп сандаган лингвистикалык илимдерди бириктирген система катары чыгууда, алардын топтому гана адамдын тилинин бардык жактары жөнүндө толук жана бардык тилдер жөнүндө өзүнчө жетиштүү билим бере алат. *Лингвистикалык илимдердин тарыхы* лингвистикалык негизги багыттарын жана дүйнөлүк тарыхтын баштапкы мезгилинде пайда болгон мектептерди мүнөздөйт.

- *Музыка жөнүндө илимий көз караштардын кыскача ретроспективаларын баяндоо.* Музыка, музыка тануу, музыканын өзгөчөлүгү, музыкалык терминдер деген түшүнүктөргө аныктама берүү. Музыка жөнүндө тарыхый ретроспективаларды кароо: антикалык илим, араб музыка илими, европалык илим (орто кылым, кайра жаралуу, агартуу), 19-кылымдагы музыка илими, 20-кылымдагы музыка илими.

- «Сильбо Гомера тили» (Канар аралдары) жана “Башка ышкыруу тилдери” темасын чагылдыруу. “Ышкырык тили” качан жана ким тарабынан ойлонуп чыккан. Мындай “лингвистикалык реликт” дагы кайсы жерлерде табылган. *Сильбо Гомера тили* фонетикалык-лингвистикалык талдоо эмнелерди көрсөтөт? деген ж.б. суроолорго жооптор. *Гуанчей феномени* жана алардын *“ышкырык тили”* боюнча фантастикалык жана жарым фантастикалык гипотезаларга түшүндүрмө берүү. Антрополог *Ф.Б.Ливингстондун “адам сүйлөгөндү үйрөнгөнгө чейин эле ырдаганды билген”* деген гипотезасын баяндоо, ал байыркы гоминиддердин *музыкалуулугунун* фактысын ырастайт.

- *Пиджиндер жана креол тилдери* сыяктуу *контакттык тилдердин* формаларынын жалпы панорамасын, атап айтканда – пайда болуу, таркоо жана иштөө жагдайларын сунуш кылуу.

Америкалык антрополог Дерек Бикертондун тилдин биологиялык программасы жөнүндө (1984) гипотезасын, атап айтканда, **бардык балдар тубаса грамматикалык жөндөмдүүлүккө ээ** экендигин кароо жана түшүндүрүү, анын маңызы төмөнкүлөр менен ачып көрсөтүлөт: **мээде орун**

**алган кээ бир когнитивдик структура бар, ал бизге туулгандан эле берилет**.

- Сүйлөө тилинин келип чыгышы боюнча негизги идеялары жана гипотезаларды баяндоо, ошондой эле бул маселеде жаңыча мамилелерди кароо. *Казып алынган гоминиддер* жөнүндө билимдердин *адамдын эволюциясы* жөнүндө илим менен тыгыз байланышын ачып көрсөтүү, андан *тилдин эволюциясынын* проблемасы келип чыгат.

- Байыркы адамдын эволюциялык антропология, археология, физиология, когнитивдик психология боюнча билимдин фонунда баштапкы адамдарда-*гоминиддерде музыкалык жүрүш-туруштун келип чыгышынын жана мүнөздөрүнүн маселелерин* ар тараптан чагылдыруу. Англиялык антрополог *Иаин Морлинин "Эволюциялык булактар жана музыканын археологиясы"* деген илимий изилдөөлөрүнүн материалдарына негизденүү менен байыркы адамдардын музыкалык жүрүш-турушунун баштапкы тарыхын жана Палеолит доорунда анын музыкалык ишмердигинин биротоло көрүнүшүн кароо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы**

Эмгектин **илимий жаңычылдыгы** анда төмөнкүлөр биринчи жолу болгондугу менен аныкталат:

- ата-мекендик илимде, балким бүткүл КМШ илимий мейкиндигинде **лингвистика** жана **музыка таануу** сыяктуу эки фундаменталдык гуманитардык илимдин дайындары бир учурда бүтүндөй маданият таануу изилдөөлөрүнүн объекти болуп калгандыгы;

- диссертациялык изилдөөнүн башкы маселеси болуп адамдын тилинин *дуалдык маңызын* – анын "музыкалык тил" жана "сүйлөө тили" катары билдирүүнүн фундаменталдык формаларында каралгандыгы;

- *тилдик түркүмдөрдү, макротүркүмдөрдү* (алтай, картвель, дравидиялык, индоевропа, урал, афразиялык, эскимосс-алеут тилдери) жана *музыкалык элементтерди* жана *системаларды* же *тектерди* (диатоника, хроматика, пентатоника, энармоника) салыштырып-теңештирип талдоо жүргүзүлгөндүгү;

- адамдын тилинин байыркы формасы катары баштапкы тегинин темасы жана системанын нативдүүлүгү менен салыштыруу үчүн жалпы тил таанууда темалардын бүтүндөй блогу: *салыштырмалуу-тарыхый тил таануу, байыркы тил, байыркы дүйнөлүк тил, моногенез теориясы, тилдердин моногенези, ностратикалык тилдер, ностратикалык концепция, компаративистика, ж.б.* бөлүп көрсөтүлгөндүгү*;*

- *сүйлөө жана музыкалык тилдер* эволюциянын кыйла жолун басып өткөндүгүн жана алардын ар бири ишке ашуунун эң татаал формаларында өнүгүп, аларга берилген классификацияда тарамдашып кеткендигин далилдөө үчүн *тил жөнүндө илимди* ("лингвистикалык окуулардын тарыхы") *музыка жөнүндө илим* ("музыка жөнүндө илимий көз караштардын кыскача ретроспективасы") менен удаалаш салыштыруу жүргүзүлөт. Тилдин ар

кайсы формасы илимдин өз тарабы жагынан иликтенген жана анын ыкмалары жана принциптеринин дайындарында жалпыланган;

- (эне, башынан таандык, түпкү) *тилдин нативдик системасынын* маселеси алдыга чыккандыгы, аны «Сильбо Гомера тили» (Канар аралдары) жана башка "ышкыруу тилдери", ошондой эле *пиджиндер жана креол тилдери* көрсөтүп турат;

- "*Сүйлөө тилинин келип чыгышынын*" (жаңы идеялар жана гипотезалар) жана "*Музыкалык тилдин келип чыгышынын*" (музыканын археологиясы) көйгөйлөрүнө салыштырып иликтөө жүргүзүлгөндүгү. Тилдин эки формасынын тең антропологиясынын жана археологиясынын маселелерине өзгөчө көңүл бурулат.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси** талдоонун төмөнкү натыйжаларында турат:

- *адамдын тилинин* фундаменталдык эки формасына – <u>сүйлөө жана музыкалык тилге</u> салыштырып талдоо жасалган; өз башатында бирдиктүү жана жалпы катары *тилдин дуалдык маңызынын* мааниси негизделген; анын негизинде ***тил*** катары адамдын баарлашуусунун глобалдык формаларынын биринин к*елип чыгышынын биримдиги жана баштапкылыгы* жөнүндө түшүнүк иштелип чыккан;

- *сүйлөө тилинин жана музыканын башаттарын жана эволюциясын* маданият таануу жагынан концептуалдык талдоонун методологиясы жана методологиялык базасы иштелип чыккан;

- тилдин эки формасынын калыптанышынын жалпы мыйзам ченемдүүлүгү, өнүгүшү жана өз ара алмашуусу негизделген; алардын этнографиялык, нейрофизиологиялык, коммуникациялык, генетикалык, жүрүш-туруштук өбөлгөлөрү жана алардын өнүгүшүнүн механизмдери бөлүп көрсөтүлгөн; аларды жалпылоонун жана бөлүп көрсөтүүнүн маданий-тарыхый, илимий-мазмундук критерийлери негизделген;

- *тил таануунун теориясынын* тезистик баяндалышы берилген; лингвисттик окуулардын тарыхынын курсуна талдоо жасалган жана тил таануунун өнүгүшүнүн тарыхы жатыккан маданият таануучулук баяндалыш түрүндө сунуш кылынган;

- *музыканын, музыкалык тилдин элементтеринин (музыкалык сөздүн)* жактары каралган; *сүйлөө жана музыкалык тилдердин* интонациялык башаттарынын сөзсүз тектештиги белгиленген; музыка интонациялык табиятка ээ экендиги белгиленген жана баса көрсөтүлгөн;

- тилдин эки формасынын өнүгүшүнүн жана калыптанышынын жалпы мыйзам ченемдүүлүгүн табууга мүмкүндүк берген музыкалык добуш уюштуруу (музыкалык тил) жана музыкалык системанын элементтери менен *салыштыруу-тарыхый тил таануу* (компаративистика, моногенез теориясы, байыркы дүйнөлүк тил, ностратикалык концепция, ж.б.) менен байланышкан лингвистикалык маселелерге салыштырмалуу талдоо жасалган;

- кайталангыс тил теориялары: *Сильбо Гомера ышкыруу тилинин* гипотезасы жана “тилдин биопрограммасы” жөнүндө америкалык антрополог Дерек Бикертондун (1984) теориясы концепциялык жактан интерпретацияланган; “ышкырык тили” байыркы заманда ***бирдиктүү интонациялык-маңыздык тил*** болгондугу жөнүндө далилдеп тургандыгы белгиленген, ал тилде байыркы адамдар сүйлөшкөн жана **бардык балдар тубаса грамматикалык жөндөмгө ээ экендиги аныкталган**;

- кароонун тийиштүү факторлору жана механизмдери менен, ошондой эле методологиялык ыкмалар жана критерийлер менен шартталган *лингвистика* жана *музыка таануу* сыяктуу гуманитардык билимдин эки фундаменталдык блогун синтездеген модель түзүлгөн; изилдөөнүн башкы идеясына – *сүйлөө тилинин жана музыканын башаттарына жана эволюциясына* жетүүгө багытталган талдоонун маданият-тарыхый, структуралык-функциялык, салыштырып-теңештирүү ыкмалары пайдаланылган;

- поли- жана дисциплиналар аралык изилдөөнүн көп деңгээлдик милдеттеринин тийиштүү шарттары менен теориялык жана практикалык милдеттердин кеңири айлампасы чийилген; маданият таануучулук изилдөөлөрдүн компаративдик-синергетикалык[2] жолдорунун кеңири контентинде диссертацияда түзүлгөн методологиялык моделдерди пайдалануу мүмкүнчүлүгү табылган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын бардык илимий-концептуалдык белгилер культурология, лингвистика, музыка таануу, этнография, искусство таануу, антропология, ж.б. илим-изилдөө ишкердиктерде колдонсо болот. Диссертациянын материалдарын эң эле кеңири илимий-окуу иш-аракеттерде колдонсо болот. Заманбап гуманитардык илимий ой-пикирлерге негизденген ар түрдү фактологиялык материалдар ар башка илимий тармактарда пайдаланса болот, ошондой эле окуу-практикалык иштерде да колдонсо болот: теоретикалык конференциялар, лекциялар, семинардык сабактар, методикалык усулдар, ж.б.

**Диссертациянын коргоого сунуш кылынган негизги жоболору:**

**1.** <u>Сүйлөө жана музыкалык тилдер</u> – адамдын тилдик жана музыкалык ишмердигинин сүйлөө жана интонациялык-музыкалык өбөлгөлөрүнүн узак өнүгүшүнүн натыйжасы.

*Сүйлөө жана музыкалык тилдер* эволюциянын кыйла жолун басып өтүп жана алардын ар бири билдирүүнүн өтө татаал формаларына чейин өнүккөн. *Тилдик түркүмдөр* жана *музыкалык системалар* –

---

[2] Синергéтика (байыркы грек συν- — айкалышуу жана маанисине кошумча жана ἔργον «ишмердүүлүк»), же *татаал системалардын теориясы* — өз алдынча уюмдашуунун аларга мүнөздүү болгон принциптеринде тең эмес татаал системаларда кубулуштардын жана процесстердин жалпы мыйзам ченемдүүлүгүн иликтеген илимдин дисциплиналар аралык багыты. Синергетика дисциплиналар аралык жол болуп саналат.

классификациялык жактар, ага сөздүк жана интонациялык-музыкалык символдор кирген. Тилдин билдирилишинин эки формасы үчүн жалпы башат болуп интонация саналат. Көрүнүктүү советтик музыка таануучу Б.Асафьев музыканы “Интонацияланган чебер ой өнөрү” деп атаган. *Сүйлөө тилине* келсек, анда *интонация* синтаксистик маанилерди жана экспрессивдик, эмоционалдык түстөрдү билдирүү каражаты болуу менен фонетикалык жактан сүйлөөнү уюштурат. Ушундан улам – **тил да (сүйлөө), музыка да бир башаттан чыккан**.

Азыркы илим (лингвистика, антропология, генетика, жана башкалар) адамзат бир башаттан чыккан, жана бардык тилдер да бир тамырдан чыккан – демек ***моногенездин*** жалпы теориясы бар экендигинин фактысы ынанымдуу деп эсептейт.

**2.** *Музыка тануу* жана *лингвистика* – бүгүнкү күндө бул илимий аңдап-түшүнүүнүн өнүккөн жактары, ал жаңы идеялар жана изилдөөлөр менен туруктуу толукталып турат. Алсак, ***лингвистика*** колдо бар гана эмес, ошондой эле жалпы адамзаттын тилдерин иликтейт. 19-кылымдын башында тилдердин тектештиги жөнүндө идея **салыштыруу-тарыхый тил таанууну** түзүүгө алып келди, ал XIX кылым бою лингвистиканын үстөмдүк кылган бөлүгү болгон. Лингвистикалык компаративизм[3] XIX кылымда эки багыт түрүндө чыккан. *Биринчиден,* бул тарыхый-генетикалык багыт (салыштыруу-тарыхый тил таануу). *Экинчиден,* бул типологиялык багыт (структуралык, функциялык, стилистикалык, тарыхый ж.б.).

***Тил таануу теориясы*** тилдин маңызына, анын структурасына, предметине көз караштардын жалпы мүнөздөмөсүнөн турат, байыркы мезгилден биздин күндөргө чейинки тилди иликтөө процесси ***лингвистикалык илимдин тарыхы*** болуп саналат. *Лингвистикалык илимдин тарыхы* дүйнөлүк тарыхтын ар башка мезгилинде пайда болгон лингвистикалык алдыңкы багыттарды жана мектептерди мүнөздөйт. Тил таануу өз өнүгүшүндө бир нече этапты басып өткөн: [4] баштапкы этап (биздин заманга чейинки VI кылымдан – XVI-XVIII кылымдарга чейин), *салыштыруу-тарыхый тил таануунун* келип чыгышы жана *тилдин философиясы* (XVIII кылым – XIX кылымдын башы), *салыштыруу-тарыхый тил таануунун* гүлдөп-өнүгүшү (XIX кылым), *неограмматизм жана тилдин социологиясы* (XIX кылымдын акыры – XX кылымдын башталышы),

---

[3] Лингвистикалык компаративизм - (лингвистикалык компаративистика) - **салыштыруу-тарыхый тил таануу –** эң оболу лингвистиканын тилдердин тектештигине арналган бөлүгү, ал тарыхый-генетикалык катары (жалпы байыркы тилдин келип чыгуу фактысы катары) түшүнүлөт.

[4] Лингвистикалык илимдин ушул мезгили И.П.Сусовдон алынган. Тил таануу тарыхы. Электрондук окуу китеби. Тверь 1999.
http://homepages.tversu.ru/~ips/History_of_linguistics.htm
Караңыз китептин басылышы: И. П. Сусов. Тил таануу тарыхы. М.: Чыгыш-Батыш, 2006. 295-б.

*структурализм* (XX кылым), азыркы тил таануу (XX кылым – XXI кылымдын башталышы).

***Музыка таануу*** *(музыка таануу, музыканы иликтөө)* музыка жөнүндө илим катары *музыканын* өзү көркөм өнөрдүн башка түрлөрүнө караганда илимий изилдөөлөрдүн предметине кечирээк айлангандыгына карабастан байыртадан бери өнүгүп келген. Музыка жөнүндө илимий көз караш бардык тарыхый этаптан: байыркы цивилизациядан, антикадан, орто кылымдан, кайра жаралуу, агартуудан өттү. Бул мезгилде музыкалык-териялык окуунун негиздери түптөлүп, музыкалык-тарыхый изилдөөлөрдүн методологиялык маселелери иштелип чыккан. СССРде *музыка таануу илими* өз алдынча дисциплинанын статусун алды, союздук республикалардын бардык элдеринде бул илимди өнүктүрүү үчүн бардык жагымдуу шарттар түзүлдү. Музыка таануу жагындагы изилдөөлөр дүйнөлүк илимде татыктуу орунду ээлеп турат.

**3. "**Ышкырык" тили, "сигналдар" тили эң байыркы замандарда улуу жана жаш элдерде болуп келген. Бул ультрадобуштук диапазондогу өзүнчө бир "ышкырык эсперантосу" байыркы заманда байыркы элдер баарлашкан бирдиктүү ***интонациялык-маңыздуу тилдин*** болгондугу жөнүндө далилдеп турат. Тилдин (ышкырык формасы) нативдик (баштапкы, байыркы) абалынан добуш уюштуруунун жана маалыматтарды берүүнүн башка системасына негизделген адамдын кадимки сүйлөшүүсүнө өтүүнү чечмелөө тил таануучулар жана лингвисттер үчүн өтө маанилүү милдет болуп саналат.

***Сильбо Гомера тилинин*** (Канар аралдары) өзгөчөлүү "лингвистикалык" феномени өтө зор илимий кызыгуу жаратат. Аны "ышкырык менен сүйлөшүү" деп аташкан, анын сөздөрүнүн жана сүйлөмдөрүнүн негизин кыйла жогорку жана төмөнкү туруктуу бийиктиктеги музыкалык тондор түзгөн. Бул феноменди академиялык илим тарабынан иликтөө балким, келечекте аны маалыматтарды узак аралыктарга концентрацияланган түрдө берүүдө пайдаланууга жардам берет.

**4.** *Пиджиндер менен креол тилдерин* иликтөө жагындагы атагы чыккан дүйнөгө белгилүү америкалык илимпоз **Дерек Бикертон, биологиялык программа (1984) жөнүндө** эффективдүү **теорияны** алдыга койгон, анын маңызы балдар тубаса грамматикалык жөндөмдүүлүккө ээ экендигинде турат, ал тилди чоңдорго караганда башкача түзүүгө мүмкүндүк берет. Дерек Бикертон кыйла ырааттуу нативисттердин – тилдин тубасалыгын жактоочулардын бири. Анын башкы аргументтери – пиджиндерди креолизациялоо жана балдардын тилдерди тез өздөштүрүп алышы, аны ал "грамматикалык жарылуу" деп атайт. Анын ою боюнча тил бир учурда, генетикалык мутациянын натыйжасында пайда болот, анткени тил тубаса болуп саналат, ошондой эле тилдин тубасап жөндөмдүүлүгү мээнин кайсы структурасында орун алган деген суроого жооп табууга умтулат.

**5.** *Тилдин келип чыгышы* эчактан бери эле адамдарды кызыктырып келген. Бул темага дүйнөлүк кадыр-барктуу лингвисттердин көп сандаган

эмгектери арналган. Алардын көпчүлүгү *тилдин келип чыгышы* адамдын өзүнүн эволюциясынын сөзсүз болуучу натыйжасы деген пикирге келишет.

Адамдардын ата-бабаларынын ортосундагы тигил же бул формада баарлашуу байыркы тарыхка чейинки мезгилде эле келип чыккан. Гоминиддерде[5] баарлашуунун кыйла татаал жана өнүккөн формасы *вокативдүү* же *добуш менен сигнал* берүү түрүндө болгон, аларга адамдын организминдеги бир катар физикалык өзгөрүүлөр менен шартталган. Кийин *добуш же вербалдык сигналдар* өзүнчө топко бөлүнгөн, анын негизинде баарлашуунун коддолгон системасы иштелип чыккан. Эволюциялык факторлор атайын добуш аппаратынын жана мээнин жаңсоо тили үчүн жооп берген бөлүк менен жанаша жайгашкан бөлүктүн өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн. Мындай сүйлөө борборун Броктун подмозолдук талаасы деп атап калышкан.

Тилдин келип чыгышы жөнүндө сценарийлер өтө көп болгон. Бул маселе ушул кезге чейин илимде өтө татаал деп эсептелип жүрөт. Ошондой болсо да тил жөнүндө изилдөөлөрдүн соңку он жылы илимий айлампага кайрылып олтурат. Бүгүнкү күндө тилдин келип чыгышынын 500 ашык ар кандай теориялары бар. Алардын көпчүлүгү гипотетикалык болуп саналат.

XX жана XXI кылымдардын ортосунда жалаң философиялык ой-жүгүртүүлөрдүн ордуна *антропологиянын, археологиянын, генетиканын, психолингвистиканын, этологиянын, физиологиянын, нейрофизиологиянын, эволюциялык антропологиянын, малекулярдык биологиянын, жогорку приматтардын коммуникациясынын* маалыматтарын тереңирээк талдоо келди. Бул жогорку даражадагы тактык менен адамдын тилинин калыптанышын реконструкциялоого мүмкүндүк берет.

**6.** XX кылымдын акырында XXI кылымдын башталышында илимий, өзгөчө чет өлкөлүк адабияттарда байыркы адамдардын - *гоминиддердин* антропологиясынын, археологиясынын, физиологиясынын, когнитивдик психологиясынын маселелери өзгөчө кылдаттык менен иштелип чыгууда. Баштапкы адамдардын *музыкалык жүрүш-турушунун келип чыгышынын жанга мүнөздөрүнүн* маселеси болсо өтө аз иликтенген, ошондой эле *байыркы музыкалык жүрүш-туруштан* толугу менен жүзөгө ашырылган *музыкалык жүрүш-турушка* өтүүгө тиешелүү тема али түйүлдүк абалында турат. Музыканын эволюциясын, *байыркы адамдардын* музыкалык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана музыкалык жүрүш-турушунун[6] баштапкы тарыхын же өбөлгөлөрүн изилдөө үчүн илимдин ар кандай тармактарына кайрылуу керек. Археологияда Палеолиттен (акыл-эстүү Адам - Homo

---

[5] Гоминиддер (лат. *Hominidae*) – адамдарды жана чоң адам сымал маймылдарды камтыган кыйла прогрессивдүү приматтардын тукуму. Гиббондор менен бирге алар Hominoidea тукумун түзөт.

[6] *"Музыкалык жүрүш-туруш"* – вокалдык жана аспаптык обондуу жана урма ишмердикти, анын ичинде бийди билдирүү үчүн пайдаланылат.

Sapiens´үстөмдүк кылган доор) берки *музыкалык ишмердикке* тиешелүү табылгалардын көпчүлүгү XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында табылган. Бүгүнкү күндө изилдөөчүлөрдүн көңүлүнүн борборунда музыкалык жүрүш-туруштун негизинде жаткан жөндөмдүүлүктөрдүн *келип чыгышынын, өнүгүшүүнүн жана өз ара байланышынын* маселеси турат. Азыркы чет өлкөлүк илим (америкалык, британиялык илимпоздор) музыкалык жүрүш-туруштун негиздеринин калыптандыруу, алардын өз ара байланышы, өнүгүшү жана Палеолит доорунда биротоло келип чыгышы үчүн далилдерди берип жатат. Бул максаттар үчүн дисциплиналар аралык мамиле, билимдердин: *палеоантропологиянын*, *палеоархеологиянын, этномузыка таануунун*, *неврологиянын*, *эволюциялык жана социалдык психологиянын, эволюциялык биологиянын*, *генетиканын, биоантропологиянын ж.б.* кеңири спектринен маалыматтар алынууда.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Умелиева-Баялиеванын Ч.Т. диссертациялык изилдөөсү азыркы Кыргызстанда культурология боюнча биринчи изилдөө болуп эсептелет. Бул иш-аракетинде бириккен изилдөө мейкиндикти уюштурулган көп деген бири-бири менен тыгыз байланышкан темалар, гипотезалар, идеялар топтолгон. Биздин республикадагы илимий коом биринчи жолу абдан чоң кабат гуманитардык билим чагылткан масштабдуу эмгек менен таанышса болот. Бул гуманитардык иш табигый дисциплиналар менен байланышкан.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары кийинки публикацияларда чагылдырылган: 10 макала «Известия вузов Кыргызстана» жана «Наука и новые технологии» деген республикалык илимий-теориялык журналдарда жарыяланган; 4 макала чет элдик журналдарда: «Вестник КазНУ» (2 макала), “Х Кагановские чтения (Санкт-Петербург, РГПУ им. А.И.Герцена)” илимий макалалар жыйнагы (1 макала); "Мир культуры и культурология" (Россия, Санкт-Петербург). Выпуск 5-СПб: НОКО, 2016 (1 макала); 7 макала чет элдик РИНЦ журналдарда.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана теориялык жоболору 21 макалалар илимий журналдарда чагылдырылды (жалпы көлөмү 7 басма табак).

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Жалпы көлөмү 344 беттен турган диссертациялык иш изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине шайкеш келет жана киришүүдөн (эмгектин жалпы мүнөздөмөсү, маданият таануу ыкмалары), 4 главадан, 9 параграфтан, корутундудан жана 298 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** эмгектин жалпы мүнөздөмөсү келтирилип, маданият таануу темасынын актуалдуулугу жана маселени илимий жактан иштеп

чыгуунун даражасы негизделген. Изилдөөнүн негизги маселелери, максаттары жана милдеттери баяндалып, ошондой эле изилдөө объектин анын предметтик жагы менен өз ара айкалыштырылган. Изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык негиздери жана талдоонун ыкмалары аныкталып, коргоого коюлган жоболор бөлүп көрсөтүлүп, эмгектин илимий жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси аныкталган. Маданий феномендерди иликтөөнүн негизги ыкмасы катары изилдөөгө маданият таануу жагынан мамиле кылууга жалпы негиздеме берилет. Акырында изилдөөнүн натыйжаларын сынап көрүүнүн мүнөздөрү жана даражасы чагылдырылган жана диссертациянын структурасы баяндалган.

**“Сүйлөө жана музыкалык тилдер, маданият таанууну иликтөөнүн объекти катары” деген биринчи глава** эки параграфтан турат.

**“Тил таануу жана тилдик түркүмдөр”** *деген биринчи параграфта тил таануунун жана лингвистиканын* теориялык маселелеринин жалпы көрүнүшү берилген жана салыштыруу-тарыхый тил таануу менен байланышкан темалар: *баштапкы тил, моногенез теориясы, праностратикалык тил, ностратикалык концепция, макротүркүм, компаративистика* бөлүп көрсөтүлгөн. Далилдер бардык белгилүү тилдер жалпы тектен чыккандыгына негизделген.

Адамдын тилинин жана сүйлөөсүнүн келип чыгышы – бул көп аспекттүү жана дисциплиналар аралык маселе, ал тил таануу жана лингвистика менен гана эмес, ошондой эле антропология, биология, генетика, археология, физиология, этнография, социология, психология ж.б. илимдер менен иш жүргүзөт. Бүгүнкү күндө кээ бир илимдердин жетишкендиктери *адамдын тилинин* келип чыгышы жөнүндө бүйүр кызыткан суроолорго жооп бере алат, анткени адамзат узак мезгил бою ой-жоруулар жана фантастикалык божомолдор менен гана чектелип келген.

Сүйлөөнүн келип чыгышынын маселеси адамдын сүйлөө аппаратынын мүмкүнчүлүктөрүнүн мүнөздөмөсү, анын келип чыгышынын шарттарын жана себептерин, тилдин байыркы бирдигинин структурасын жана функциясын кароо менен гана чектелбейт, ошондой эле аларды түр катары адамдын дал өзүнүн эволюциясынын маселелери менен байланыштырат.

Тил жана сүйлөө жөнүндө теориялык окуулар эзелтен бери эле иштелип чыгып келген. Бүгүнкү күндө тил жөнүндө тигил же бул түшүнүктөрдүн орноп калган аныктамалары бар, алардын түрдүк көп сандаган классификациялары жана касиеттери, типологиясы жана ошол мүнөздөмөлөр менен функциялардын сыпатталыштары иштелип чыккан.

**Тил иликтөө, лингвистика, тил таануу** – Тилдер жөнүндө илим. Тилдин объекти болуп тилдин бүткүл касиеттеринде жана функцияларында анын *түзүлүшү, функциялары жана өнүгүү тарыхы* саналат.

Демек, азыркы кездеги тил иликтөө объектинин өзгөчөлүгү эки жакка бөлүнөт:

- **жалпы тил иликтөө**, ал адамдын тилинин предметине ээ болот;

- **тил иликтөөнүн жеке тармактары**, ал айрым тилдерди жана алардын топторун изилдейт (мисалы, *орус тилин иликтөө* же русистика, *роман тилдерин иликтөө* же романистика ж.б.).

Тийиштүү түрдө иликтөө *объектине* карата (адамга универсалдуу таандык тил жана өзүнүн көп түрдүү конкреттүү-тарыхый формаларындагы тилдер катары) **20-кылымдын 2-жарымында тил иликтөө ыкмалардын эки тибине ээ:**

***Биринчиден,*** бул *дедукциялык-логикалык типтеги ыкма;*

***Экинчиден,*** бул *тарыхый ыкмалар жана байкоо жана эксперимент жүргүзүү ыкмалары.*

Ыкмалардын эки тиби тең *аңдан-түшүнүүнүн эмпириялык жана теориялык деңгээлдерине* ылайык келүү менен мыйзам ченемдүү айкалышат.

**Тил** – көп функциялуу кубулуш. Тилдин бардык функциялары баарлашууда ачыкка чыгат. Тилдин төмөнкүдөй *функцияларын* бөлүп көрсөтүүгө болот:

- коммуникациялык (же *баарлашуу функциясы*) – тилдин негизги функциясы, конструктивдүү (же *ой-жүгүртүү*; *ой-толгоо*);
- аңдап-түшүнүү (же *аккумулятивдик функция*) – маалыматтарды берүү жана аны сактоо;
- эмоционалдык-экспрессивдик;
- волюнтативдик (же *чакыруу-түрткү болуу функциясы*) – таасир этүү функциясы; ж.б.

**Лингви́стика** (**тил иликтөө, тил таануу**; лат. *lingua* – тил) – тилдерди иликтөөчү илим. Бул илим дегеле адамдын табигый тили жана тилдин жеке өкүлдөрү катары дүйнөнүн бардык тилдери жөнүндө илим. Кеңири мааниде алганда лингвистика илимий жана практикалык деп бөлүнөт:

**Лингвистиканын бөлүктөрү.** Лингвистика төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- теориялык лингвистика;
- колдонмо лингвистика;
- практикалык лингвистика.

**Салыштыруу лингвистикасы** тилдерди бири-бири менен салыштырат. Ал өзүнө буларды камтыйт:

- компаративистиканы (тар маанисинде), же тектеш тилдердин ортосундагы мамилелерди иликтеген салыштыруу-тарыхый тил таанууну;
- контактологиялык же ареалдык лингвистиканы, ал коңшу тилдердин өз ара аракеттенүүсүн иликтейт;
- салыштыруучулук (контрастивдик, конфронтативдик) лингвистиканы, ал тилдердин (тектештигине жана коңшулугуна жараша) окшоштуктарын жана айырмачылыктарын иликтейт.

**Салыштыруу-тарыхый тил таануу** тилдердин тарыхын иликтөө жана алардын генеалогиялык байланыштарын табуу жагында иш жүргүзөт (караңыз: тилдердин генетикалык классификациясы). Лингвистиканын бул

бөлүгү бир муундун турмушунун белгилүү тарыхый доорунда тилдин хронологиялык өңүтүн сыпаттап берет (синхрониялык лингвистика, «синхрондуу») же тилдин муундан муунга берилишинде анын өзгөрүү процессин иликтейт (тарыхый лингвистика, ошондой эле «диахрондук», «диахроникалык»).

**Байыркы тил** (немец тилинен калька *Ursprache*) – тилдердин ошол түркүмүнө кирген тилдердин келип чыккан байыркы тил (роман тилдерине карата латын тили). Байыркы тил жазуу жүзүндө калган эмес, салыштыруу-тарыхый ыкманын жардамы менен реконструкцияланып жатат.

**БАЙЫРКЫ ТИЛ** – лингвистикадагы жана тилдин философиясындагы маанилүү түшүнүктөрдүн бири. Лингвистикада бул термин менен диалекттеринен тектеш тилдердин тобу келип чыккан тил белгиленет. Азыркы учурда орун алган тилдердин түркүмү ошол түркүмдөрдүн байыркы тилдерине барып такалат, өз кезегинде алардын келип чыгышы байыркы тилдердин макротүркүмдөрдүн тарыхый жактан диалектерине бөлүнүп кетиши менен түшүндүрүлөт.

**Байыркы дүйнөлүк тил** – гипотетикалык жактан алганда дүйнөдө орун алган бардык тилдердин түпкү теги, азыркы кездеги тирүү тилдер жана тилдердин түркүмдөрү, ошондой эле кеңири таанылган, лингвисттер тарабынан реконструкцияланган байыркы индоевропа тилдери сыяктуу белгилүү болгон өлгөн тилдер бардык индоевропа тилдеринин түпкү теги болуп саналат. Байыркы дүйнөлүк тилдин болгондугунун пайдасындагы жүйөлөр *антропологияга,* адамдардын миграциясынын багыттарына жана тарыхка чейинки адамдардын сүйлөөгө жөндөмдүүлүгү жөнүндө божомолдорго таянат. С.А.Старостин *ички реконструкция ыкмасын* колдонгон*:* тилдин түркүмдөрү үчүн байыркы тилди реконструкциялоо мүмкүнчүлүгү байыркы тилди кыйла жогорку деңгээлде реконструкциялоого мүмкүндүк берет.

- Байыркы дүйнөлүк тил
- Байыркы ностратикалык тил

**Моногенез теориясы**[7] бардык белгилүү тилдер бир түпкү тектен келип чыккандыгын ырастайт, бирок ар башка тилдер тил пайда болгонго чейин орун алган алардын баарлашуу ыкмаларына жараша байыркы адамдардын ар башка топторунда ар башка тилдер келип чыгышы мүмкүн. Бул тил дегеле биринчи тил болушу милдеттүү эмес, ал болгону азыркы бардык тилдердин түпкү теги болуп саналат.


**Байыркы ностратикалык тил** – ностратикалык макротүркүмгө кирген тилдердин пипотетикалык түпкү теги. 1903-жылы алдыга коюлган

---

[7] Моногенез (байыркы грек μόνος – «бир» жана γένεσις – «төрөлүү», «келип чыгуу»): 1. Моногенез – бир баштапкы жуптан бардык адамдардын жана башка тирүү жандыктардын келип чыгышы жөнүндө теория. 2. Моногенез – бир байыркы тилден дүйнөдөгү бардык тилдердин келип чыгышы жөнүндө теория.

ностратикалык гипотезанын автору болуп даниялык лингвист *Х. Педерсен* саналат. 1960-жылдардын башында ностратикалык теорияны москвалык славист В.М. Иллич-Свитыч андан ары өнүктүргөн, андан кийин россиялык илимпоздор *А.Б. Долгопольский, В.А. Дыбо* жана *С.А. Старостин* аны менен жигердүү иш жүргүзгөн.

**Ностратикалык тилдер** (лат. *nostrās*, илик ж. *nostrātis* «биздин», «биздин чөйрөнүн», «ушул жердин») – Евразия менен Африканын бир катар тилдик түркүмдөрүн жана тилдерин (индоевропалык, картвель, семит-хамиттик, урал, түрк, монгол, тунгус-маньчжурия, корей, байыркы индия тилдери, кээде эскимосско-алеуттик) камтыган тилдердин гипотетикалык макротүркүмү. XX кылымдын башында даниялык илимпоз Х.Педерсен алдыга койгон жана Б.Коллиндер (Швеция), К.Менгес (АКШ), В.М.Иллич-Свитыч, А.Б.Долгопольский (СССР) иштеп чыккан Ностратикалк тилдердин тектештиги жөнүндө гипотеза *Иллич-Свитыч* этимологиялык сөздүктү жана Ностратикалык тилдердин катуу салыштырма фонетикасын түзгөндөн кийин далилденген илимий теорияга айланды. 700 ашык жалпы ностратикалык тамырлар белгилүү (анын тарыхына баштапкыдан кийинки муундардын реконструкцияланган абалына чейин көз салынып турган). Ностратикалык тилдердин тарыхый грамматикасы иштелип чыгууда. Схема:[8]




Тилдердин ностратикалык макротүркүмүнө адатта **алтай, урал, байыркы индия, индоевропа, картвел, семит-хамиттик (**афразиялык деп аталган) тилдер кошулат, бирок ага башка тил түркүмдөрү да кириши мүмкүн. Ностратикалык тилдер *чыгыш ностратикалык* (алтай, урал, байыркы индия) жана *батыш ностратикалык* (афразиялык**,** индоевропа, картвел) деп бөлүнөт. Бардык Ностратикалык тилдер бирдиктүү ностратикалык байыркы тилдерге кирет. Соңку мезгилде бир катар илимпоздор тарабынан алдыга коюлуп жаткан башка бир гипотезага ылайык бардык ностратикалык тилдер кыйла жогорку деңгээлдеги борей тилдери деп аталган жогорку түркүмгө кирет.

[8] http://www.garshin.ru/linguistics/languages/nostratic/index.html

**Ички классификация**

Ностратикалык тилдер батышка жана чыгышка бөлүнөт. Мындай бөлүү генетикалык табияттан эмес, көбүрөөк ареалдык табияттан улам болгон (С. А. Старостин).

- Батыш-ностратикалык тилдер
  - Афразиялык тилдер
  - Индоевропа тилдери
  - Картвел тилдери
- Чыгыш-ностратикалык тилдер
  - Алтай тилдери
  - Байыркы индия тилдери
  - Урал тилдери

**Ностратикалык концепция**

20-кылымдын башталышына карата салыштыруу тил таануу боюнча топтолуп калган материалдар кээ бир кыйла көрөгөч лингвисттерге кыйла алыска кеткен генетикалык тектештикти белгилөө мүмкүнчүлүгү жөнүндө тыянак жасоого мүмкүндүк берген. Ошол илимпоздордун арасында англиялык *Генри Суитти*, итальялык *Альфредо Тромбеттини* жана даниялык *Хольгер Педерсенди* бөлүп көрсөтүүгө болот, ал 1903-жылы тилдердин кеңири топторунун ортосундагы алыскы тектештиктин болгондугу жөнүндө гипотезаны алдыга койгон.

***Ностратикалык концепциянын илимий негиздүүлүгү ондогон жылдардан кийин гана көрүнүктүү орус лингвисти*** **Владислав Маркович Иллич-Свитыч** ***тарабынан жүйөлөштүрүлгөн, ал ностратикалык макротүркүмдүн алкагын кыйла кеңейткен. Ал анын курамына картвел жана байыркы индия түркүмдөрүн кошкон жана алтай түркүмүнө корей тилин кошкон. 1965-жылдагы*** "Ностратикалык тилдердин (индоевропа, алтай, урал, дравид, картвель, семит-хамит) салыштырма сөздүгүнө карата материалдар" ***деген эмгекте "ностратикалык тилдердин" генетикалык тектештиги аларда 1000 жакын тамырдык, ошондой эле аффикстик тектеш морфемалардын кеңири корпусунун болгондугу менен далилденген.***

Азыркы учурда ностратикалык макротүркүм кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан кыйла кеңири курамда каралып жатат. Бир катар кадыр-барктуу лингвисттердин пикири боюнча ностратикалык макротүркүмгө төмөнкүдөй түркүмдөр кирет: **индоевропа**, **картвель**, **байыркы индия**, **урал-юкагир**, **алтай** (анын ичинде корей жана япон тилдери), ал түгүл **эскимос-алеут.** Америкалык залкар лингвист *Джозеф Харолд Гринберг* бул макротүркүмдү көз карандысыз "конструкциялап" чыккан (1987-ж.) аны ал **евразиялык** деп атаган.

## КОМПАРАТИВИСТИКА

### Компаративистика деген эмне? [9]

Тилдик түркүм – бул илимпоздордун пикири боюнча бардык тилдер жалпы түпкү текке барып такалган, башкача айтканда өзгөрүүлөрдүн узак мезгилинин жүрүшүндө бир тилден өнүгүп чыккан топ. Бул дүйнөнүн ар кандай тилдеринин ортосунда орун алган жөн гана капилеттен болгон окшоштук эмес, система жарата турган мыйзам ченемдүүлүк. Бардык ушул тилдер **жалпы түпкү текке** барып такалат. Бул иш – дисциплинанын негизги объекти, ал компаративистика, салыштыруу-тарыхый тил таануу деп аталат. Тилдик классификация, башкача айтканда тилдерди түркүмдөргө бириктирүү XIX кылымда жана XX кылымдын башында өтө таанымал болгон, анда дүйнөнүн тилдеринин көпчүлүгү тилдин түркүмдөр боюнча классификациялып бүткөн.

Ошентип, *моногенез* теориясы бардык белгилүү тилдер жалпы түпкү тектен келип чыккандыгын ырастайт. Тилдер дивергенцияланат, ошондуктан бирдиктүү байыркы тилден өнүп чыгышы мүмкүн. Homo sapiens – бирдиктүү түр, демек, тилдердин да бирдиктүү теги болот. Бирок, башка да көз караш бар: тил пайда болгонго чейин алардын баарлашуусунун ыкмаларына карабастан байыркы адамдардын ар башка топторунда ар башка тилдер пайда болушу мүмкүн. Мисалы, Homo sapiensтин Homoнун башка түрлөрү менен метисацияланоусу жөнүндө маалыматтар бар. Ошондон улам бардык тилдердин тектеш экендиги далилденген эмес. Ошондой болсо да ал тил дегеле биринчи тил болуп санала тургандыгы милдеттүү эмес, ал болгону бардык азыркы тилдердин түпкү теги гана болуп саналат. Кайсы-гана континент болбосун тилдердин бирдиктүү генеалогиялык бутагын реконструкциялоо – өтө татаал милдет болуп саналат.

Илимпоздор тилдерди чакан класстарга бөлүү принциптерине таянуу менен талдоо ыкмасын пайдалануу менен салыштырмалуу лингвистиканын так калыптанган эрежелерине таянууга тийиш. Тилдердин же тилдик топтордун орточо курагын эсептөө менен *базалык байыркы тил* деп аталганды же тилдин “бутактары” (лингвистика топтору) таркай баштаган генеалогиялык дарактын конкреттүү жагын реконструкциялоого боло тургандын айтууга болот. Ошол “бутактардын” санын эсептөө менен ар башка континенттердин тилдери жөнүндө тыянак жасоого болот. Азыр салыштыруу-тарыхы тил таанууга адистешкен ар башка өлкөлөрдүн лингвисттери ушул жакты аркалап жатышат.

Лингвистиканын ушул багыты үчүн базалык теория болуп *моногенез теориясы* саналат, бул бир булактан адамдын тилинин келип чыгышы жөнүндө илим. Ар кандай мифологиялык жана диний негиздерди моногенез

---

[9] Компаративистика [< лат. comparativus – салыштыруу] – тил иликтөөдөгү лингвистикалык салыштыруу-тарыхый ыкма - тектеш тилдердин кыйла байыркы абалын калыбына келтирүү максатында алардын ортосунда шайкештикти орнотуу.

теориясынын илимге чейинки формасы деп эсептөөгө болот, ага ылайык адам жашай баштаган учурда анын бир гана тили болгон.

**Вавилон мунарасы** жана тилдердин аралашып калуусу, Байыркы Вавилон жөнүндө эки жомок (Библиянын канондук текстинде бир аңгемеге бириктирилген):

1) шаар куруу жана тилдердин аралашуусу жөнүндө;

2) мунара тургузуу жана адамдардын чачырап кетиши.

**Библиялык моногенизм** – бул бардык адамдардын кандаш тууган экендиги жөнүндө Кудайдын Сөзүнүн илими. Библиялык моногенизм Нухтун (Башталыш 10) тизмесинде ачык-айкын билдирилген, ал эми Ыйык Элчи Пабылдын “Бүт жер жүзүндө жашасын деп, Ал бир адамдан бүткүл адамзатты жаратты” деген сөзүндө айтылган (Ыйык Элчилердин иштери 17:26).

**Библиялык этнография –** байыркы адамдар, алардын келип чыгышы, генетикалык байланыштары жана маданияты жөнүндө Библиянын күбөлүгү.

**Homo sapiens sapiens**. *Моногенез теориясы* Homo sapiens sapiens (эки жолку аң-сезимдүү адам) моногенез маселеси менен тыгыз байланышкан. Кеңири таркаган көз карашка ылайык үн чыгарган табигый тил Homo sapiens sapiensтин мүнөздүү белгиси болуп саналат. Эгерде көп антропологдор сунуш кылгандай, эки жолку аң-сезимдүү адам Жердин[10] бир жеринде, кыязы 70-100 миң жыл мурда Африкада бирдиктүү мутациянын аркасында жаралган болсо, ал Батыш Евразиянын аз сандагы топторуна таркаган болсо, демек, *Homo sapiens sapiensтин моногенези* орун алган, демек, *тилдин моногенези* да болгон.

**“Музыкалык элементтер жана системалар”** *деген экинчи параграфта* музыкалык категорияларга – *музыка, музыкалык интонацияга, музыкалык интонациянын жана сүйлөөнүн* окшоштуктарына жана айырмачылыктарына аныктама берилет, музыкалык тилдин курамын түзгөн: интонациянын, музыкалык добуштун, ритмдин, үндүн бийиктигинин, созулуштун, музыкалык фразанын, интервалдын, динамиканын, темптин, регистрдин, тембрдин, ладдын, добуштук катардын, темперациянын ж.б. музыкалык ачык билдирилишинин негизги элементтерине аныктама жана түшүндүрмө берилет. Ошондой эле *музыкалык система* түшүнүгүнүн жалпы мүнөздөмөсү (диатоника, хроматика, пентатоника, энармоника) цивилизациялардын: Байыркы Греция, Байыркы Индия, Байыркы Кытай, Жакынкы Чыгыштын жана Борбордук Азиянын музыкасына музыкалык-көркөм маданий экскурс жасоо менен берилген.

[10] Африка континентинин чыгыш бөлүгү, б.а. Улуу Африка рифти эске алынууда, ал жерде 2,6 -2,2 млн. жыл курактагы адамдар отурукташкан жерлер табылган. Бул дайындар археологдорду, антропологдорду жана палеогенетиктерди адам келип чыгышы боюнча бир, анын туулган жери Африка экендигине ынандырган.

*Музыка* – чындыкты чагылдыруунун өзгөчө формасы, ал аны музыкалык образдарда билдирет. Ошентип, музыка өз тилине ээ болот, бирок ал *тил* сөз менен эмес, *музыка менен* берилет. *Музыка* (греч. musike musa; музы – даңазалуу кудайлар, илим менен көркөм өнөрдүн коргоочулары Зевс менен Мнемозинанын кыздары) – көркөм образдарды добушка салган идеялык-эмоционалдык мазмунга айланган көркөм өнөрдүн бир түрү.

«Музыкалык тил» "сүйлөө интонациясына" окшош жана "дүйнөгө карата эмоционалдык мамиле сүйлөп жатканда добуштун бийиктигинин өзгөрүшүнүн жана башка мүнөздөмөлөрдүн жардамы менен билдирилет". *Бул сүйлөө* жана *музыкалык тилдин* интонациялык башаттарынын сөзсүз тектештиги жөнүндө айтып турат. *Интонацияга* тиешелүүлөрдүн бардыгында музыка көркөм өнөрдүн бардык түрлөрүнүн ичинен, ал түгүл сүйлөө тилине караганда лидерлик абалды ээлеп турат, көрүнүктүү советтик музыка таануучу ***Б.В. Асафьев*** музыканы "интонациялык маанинин көркөм өнөрү" деп атаган.

Ошол эле учурда *музыка* көркөм өнөр катары өзүнө гана таандык касиеттери менен *сүйлөө тилинен* олуттуу айырмаланып турат. Музыканын мазмунун көркөм-интонациялык образдар, башкача айтканда, музыканттын (композитор, аткаруучу) аң-сезиминде объективдүү реалдуулукту чагылдыруунун натыйжаларын добуштарда мазмундуу бекемдөө, кайра түзүү жана эстетикалык баа берүү түзөт. "Интонациялык маанинин көркөм өнөрү" болуу менен (*Б. В. Асафьев*) музыка жандуу жаңыруу жана аткарууда гана коомдо реалдуу жашайт жана иштейт.

<u>Музыкалык интонациянын өзгөчөлүктөрү</u>. Сүйлөө интонациясын музыкалык интонацияга кайра айлантып түзүү музыка өнөрүн (вокалдык музыка, опералык музыка) өнүктүрүүнүн жүрүшүндө тынымсыз болуп турат. Ал көп жагынан: музыканын ар кандай эмоцияларды, ойду, эрктик умтулууларды, мүнөздүн белгилерин чагылдырып жана берүүгө жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Ачык билдирилген музыкалык интонациянын булактары болуп адамдын эмоционалдык чөйрөсүнө тикелей физиологиялык таасир этүүнүн натыйжасы катары башка добуштар (музыкалык, музыкалык эмес) менен ассоциациялар кызмат кылат.

<u>Сүйлөө жана музыкалык интонациялардын окшоштуктары.</u> *Интонация* музыкада сүйлөөнүн ачык билдирилген тонусу, сүйлөө кырдаалына жараша анын үн чыгарышынын эмоционалдык түсү, ошондой эле сүйлөп жаткан адамдын жеке белгилери катары *сүйлөө интонациясын* түшүнүүгө окшош. *Интонация* музыкада, ошондой эле сүйлөөдө эмоционалдык, логикалык-маңыздуу, мүнөздүү ж.б. маанилерге ээ болушу мүмкүн.

<u>*Музыкалык интонациянын сөздөн* айырмасы</u> анын таптакыр башка добуштар – *музыкалык тон* менен коштолгондугунда турат, ал өзгөчө, көркөм мазмундан турат, башка добуштук касиеттердин жана мамилелердин негизинде пайда болот. *Интонация* мазмуну боюнча өтө көп маанилүү.

**Музыкалык добуш уюштуруунун негизги элементтери же музыкалык таасирдүүлүк каражаты (музыкалык тил):** интонация, музыкалык добуш, ыргак, добуштун бийиктиги, узундугу, музыкалык фраза, интервал, динамика, темп, регистр, тембр, лад, добуштук катар, темперация, гамма, диапазон, тоналдуулук, обон, гармония, контрапункт, форма ж.б.

**Музыкалык системалар**:

**Диатоника** (гректин δια – аркылуу, бойлой жана τόνος – тон, түз маанисинде – тон боюнча жүрүү) – жети добуштук система, накта квинталар боюнча жайгашуусу мүмкүн болгон бардык добуштар. *Байыркы грек ладдарынын*, ошондой эле *орто кылымдагы ладдардын*, башка *накталай ладдардын* көбү, анын ичинде кеңири таркаган ионий (накталай мажор) жана эолий (накталай минор), ошондой эле дорий, фригий, лидий, миксолидий ладдары диатондуу.

Байыркы грек музыкасында *диатоника* менен *хроматика,* эки чакан секунданы (ч.2) катары менен, ошондой эле көбөйтүлгөн секунданы (көб.2) колдонгон, андан тышкары *эн(г)армоника,* интервал өзгөчөлүгүн жарым тондон азды түзгөн үч ладдык ыңгайдын (“тектин”) бири болуп саналат. Бул жагынан грек музыкасы башка байыркы бир добуштуу маданияттар (монодия, же монодиялык музыкалык маданият), өзгөчө Жакынкы Чыгыш, Орто Чыгыш, Жер-Ортолук деңизинин маданияттарына окшош.

*Диатониканын* көп түрдүү формалары кесипкөй европа музыкасы менен катар батыш европа, ошондой эле славян элдик-ырлар өнөрүнүн негизин түзөт.

Ошентип, *диатоника* – бул добуштук катар, ал европа музыкасынын ладдык көз караштын негизи болуп саналат. Борбордук Азиянын байыркы элдеринин бири – **кыргыздардын** музыкасы да *диатоникалык системага* негизделген. Башка элдердин “башка тилдеги” маданияттарынын курчоосунда узак мезгил бою жашоо менен **кыргыз музыкасы** өзүнүн ладдык негизин – таза диатониканы баштапкы түрүндө сактап калган[11].

**Хроматика,** хроматизм[12] (гректин χρωματισμος – түс, χρωμα – теринин түсү, түс, боёк) – жарым тондук система. Хроматизмге интервалдык системанын эки түрү – байыркы гректин “хрому” жана европалык хроматизм кирет. «Хрома» – «диатон» жана «энармония» менен бирге тетрахорддун үч негизги “түрлөрүнүн” бири. Энармония менен бирге (диатонго карама-каршы) хрома 2 аз интервалдын суммасы үчүнчү чоңдуктан аз болгондугу менен мүнөздөлөт.

[11] Караңыз: Ч.Үмөталиева-Баялиева. «Кыргыздардын этногенези: музыка таануу аспекти. Тарыхый-маданият таануу изилдөөсү». Бишкек, 2008.

[12] Хроматизм (гректин chroma – түс). Байыркы гректер диатоникалык добуштук катардын 7 баскычын күн желесинин жети түсү менен, ал эми жарым тондорду ошол негизги түстөрдүн кошумча түсү менен окшоштурушкан.

Хроматикалык түрдүн мелодикасы түстүү катары (анын аталышы да ушундан) кабылданган. Ошондой болсо да ал кылдат, “назик” катары мүнөздөлгөн. Чыгыштын элдик музыкасында кеңейтилген секундалары менен (гемиолика) ладдар XX кылымда да сакталып калган.

**Энармоника,** энармоникалык түр (гректин ἐναρμόνιον (γένος), ἐναρμόνιον, ἐναρμόνιος – эн(г)армоникалык, түз маанисинде – макулдашылган, үндөш, тизмектүү) – байыркы грек музыкасынын түрлөрүнүн (интервалдык структуралардын типтери) биринин аталышы, ал бирдей жарым тондордун суммасында майда интервалдардын жубун колдонуу менен мүнөздөлөт.

Энармоникалык түрдүн обону үчүн таяныч тонду мелизматикалык ырдоо менен мүнөздүү (антикалык *хрома* мүнөздүү), кылдат, өтө назик таасирдүү мүнөз (“этос”) типтүү. *Энармониканын* өзгөчөлүү интервалдары - төрттөн бирдик тон (гректин δίεσις – энармоникалык диеса). ***Энармоника*** системасына негизделген музыкалык маданият болуп ***Индия музыкасы*** саналат.

Эки системага - ***хроматикага*** жана ***эн(г)армоникага*** таянган музыкалык маданият окшош белгилерге ээ: көбөйтүлгөн секундасы менен ладдар (көб.2), таяныч тонду мелизматикалык ырдоо, жарым тон, ал түгүл андан да аз суммада интервалды колдонуу. Бул музыканын образдуу-эмоционалдык табиятынын окшоштугу, тектештиги ушундан келип чыгат. Эреже катары, ал “кылдат”, “назик”, “магдыраган”, “таттуу”, “экзотикалуу”, “ориенталдуу” ж.б. сыяктуу эпитеттер менен мүнөздөлөт, бул Жакынкы жана Орто Чыгыштын музыкасы: араб, иран, ирак, армян, азербайжан, тажик, өзбек, түрк ж.б. музыкасы. Байыркы заманда балким бул ассирийлердин, иудейлердин, египеттиктердин, перстердин музыкасы болсо керек. *Хроматикадан* жана *эн(г)армоникадан* келип чыккан элдердин музыкасы көп стилистикалык окшоштуктарга ээ.

**Пентатоника**[13] (гректин πέντε – беш жана тон) – бул октаванын чегинде (I-VIII) беш баскычтан турган добуштук система. Пентатониканын 4 тиби болот: *жарымтондук эмес* (же пентатониканын өзү); *жарымтондук*; *аралаш* жана *темперирленген.* Пентатониканын негизги тиби (жарымтондук эмес пентатоника) 5 баскычтуу системаны билдирет, анын бардык добуштары таза квинталар (т.5) боюнча жайгашышы мүмкүн. Ушул пентатониканын добуштук катарынын коңшу баскычтарынын ортосунда интервалдын эки гана түрү – чоң секунда (ч.2) жана кичи терция (к.3) болот.

*Пентатоникага* түшүндүрмө берилген бизге жеткен теориялык алгачкы эмгектер байыркы (болжол менен б.з.ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымы) кытай окумуштууларына таандык болгондугу белгилүү. Биздин замандын чегинде Байыркы Кытайда музыка жөнүндө («Юэцзи») трактаттар пайда болгон. Музыка кытайлыктар тарабынан космостук күч катары

---

[13] «Музыкалык энциклопедия». Т.4. М., 1978, 234-235-бб.

каралган. Айрым тондор дүйнөнү жараткан биринчи элементтер - суу, от, жер, дарак, металл - менен окшоштурулган.

Жарымтондук эмес пентатоника – музыкалык ой-жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүү стадияларынын бири. Пентатоника музыкалык фольклордун байыркы катмарларында жолугат, өзгөчө ал Ыраакы Чыгыш өлкөлөрүнүн: Кытайдын, Монголиянын музыкасы үчүн мүнөздүү; кээ бир өлкөлөрдө: Вьетнам, Корея, Японияда пентатоника *хроматика* жана *диатоника* элементтери менен болот. Постсоветтик мейкиндикте пентатоникалык добуштук катарга *татарлардын, чуваштардын, марийлердин, калмактардын,* жарым-жартылай *буряттардын, тувалыктардын* музыкасы негизделет. Байыркы Кытайда <u>дүйнө таануунун беш стихиясы</u> (алгачкы элементтер) жөнүндө Илгерки Кытайдын натурфилософиялык окуусунан келип чыккан өзүнүн музыкалык системасы калыптанган деген тыянак жасоого болот.

Ошентип, байыртадан эле - диатоника, хроматика, эн(г)армоника, системаларга же түрлөргө негизделген музыка болгон. Пентатоника болсо (кытай музыкалык система) Ыраакы Чыгышта жаралып жана өз алдынча өнүккөн добуштук катар сыяктуу пайда болгон.

**“Сүйлөө жана музыкалык тил жөнүндө теориялык билимдин тарыхы” деген <u>экинчи глава</u>** эки параграфтан турат.

**“Лингвисттик окуунун тарыхы”** деген *биринчи параграфта* <u>“Лингвисттик окуунун тарыхынын кыскача хронологиясы”</u> берилген. ***Лингвисттик окуунун тарыхы*** предмети болуп байыркы мезгилден биздин күндөргө чейинки тилди таануу процесси саналат. *Лингвисттик окуунун тарыхын* дүйнөлүк тарыхтын ар кайсы мезгилдеринде пайда болгон алдыңкы лингвистикалык багыттар жана мектептер менен мүнөздөлөт; көрүнүктүү лингвисттердин жетишкендиктери сыпатталат; лингвистикалык талдоонун ыкмалары жана жолдору талдоого алынат.

Адамзат *лингвистикалык окуунун* тарыхын мезгилдерге бөлүүдө хронологиялык зор тажрыйба топтоду. Бул (лингвистикалык) окуунун тарыхы тил жөнүндө билимди өркүндөтүү жолундагы кыйла маанилүү жолдорду чагылдырган мезгилдерге бөлүүнү эске алуу менен каралууга тийиш. Тил таануу өз өнүгүшүндө бир нече этапты басып өттү:

**I.** Баштапкы этап (б.з.ч VI кылым – XVI-XVIII кылымдар);

**II.** *Салыштыруу-тарыхый тил таануунун* жана *тилдин философиясынын* келип чыгышы (XVIII кылымдын акыры – XIX кылымдын башталышы);

**III.** *Салыштыруу-тарыхый тил таануунун* гүлдөп-өнүгүшү;

**IV.** *Неограмматизм* жана *тилдин социологиясы* (XIX кылымдын акыры – XX кылымдын башталышы);

**V.** *Структурализм* XX кылым (1920-1960-жж.);

**VI.** *Азыркы тил таануу* (1970-жылдар – биздин күндөр).

XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы лингвистикалык мектептердин көпчүлүгү башка илимдер (психология, социология, философия, этнография, маданият таануу, информатика ж.б.) менен интеграциянын эсебинен лингвистикалык изилдөөнүн чек аралары кеңейген.

Ошентип, тил таанууну өнүктүрүү спираль боюнча жүргөн: жаңы деңгээлде эски милдеттерге кайра кайрылуу. Ар кандай илимий ыкмаларды пайдалануу менен илимпоздор тилди сыпаттоодон баштап, ага логикалык-философиялык ой-жүгүртүп, андан кийин алар анын тектештик байланыштарын белгилөөгө жана тилдердин келип чыгуу сырын ачып көрсөтүүгө аракет кылышкан. Тил таанууда бир этаптан башкасына өтүүдө билимдин башка жактары сыяктуу эле *жокко чыгаруунун диалектикалык мыйзамы* колдонулган. Алсак, ар дайым кийинки фаза мурдагысы менен байланышкан (*жалпы өз ара байланыш жана өнүгүү принциби*) жана бир учурда ага таптакыр карама-каршы (*биримдик жана карама-каршылыктар күрөшү жөнүндө мыйзам*) болгон. Ошентип, билимдерди топтоодо жана өркүндөтүүдө жолун жолдоочулук камсыз кылынып келген.

**Байыркы цивилизациядагы: Байыркы Кытайдагы, Индиядагы, Персиядагы, Араб Жакынкы Чыгышындагы, тил жөнүндө илим.** Чыгышта кыйла туруктуу жана салыштырмалуу көз карандысыз үч тил таануу салты келип чыккан. Алардын ичинен эң байыркысына *Кытай жана Индия* салты, орто кылымда алардын катарына *Араб* салты да кошулган. Чыгыштын калган тил таануу салттары коңшу мамлекеттердин тил таануусунун тагдырына олуттуу таасир тийгизген жогоруда аталган үч салттын зор таасири астында калыптанган.

**Грек-Рим тил таануу салты** бирин-бири толуктаган эки, муну менен бирге бирдиктүү орто жер деңизинин өз алдынча түзүлгөн тил таануу салты катары берилген. Европа салтынын тарыхы лингвистикалык ойдун өз алдынча эки кыймылынын – батыш европалык жана чыгыш европалык тарыхынын өзү, анткени аларда “латындык” Батыш менен “грек-славяндык” Чыгыштын ортосунда бир катар айырмачылыктардын көптүгү менен байланыш.

**Кийинки орто кылымдагы Батыш Европанын лингвистикалык маселесин иштеп чыгуу.** Кийинки орто кылым батыш европа коомунда социалдык-экономикалык жана руханий турмуштагы түп-тамырынан берки өзгөрүүлөр, илимдеги жана маданияттагы олуттуу жетишкендиктер, билим берүүнүн таптакыр жаңы системасынын калыптанышы болуп саналат. Мурдагыдай эле латынь диний тексттердин, дин илиминин, философиянын, илимдин, билим берүүнүн жана Батыш Европада эл аралык баарлашуунун тили, ошондой эле окутуу жана иликтөө предмети катары пайдаланылат.

**Византиядагы тил таануу (4-15 кылымдар).** Чыгыш Рим империясы жана Византия маданияты грек-рим философиясынын жана илимий мурасты (ошондой эле философия жана тилдин теориясы жагында) сактоодо жана

Жаңы мезгилдин идеологиясынын жана илиминин өкүлдөрүнө өткөрүп берүүдө зор роль ойногон. Византия маданияты кийинки эллинисттик формада жана христиандык дүйнө таанымында антикалык салттын синтезин түзгөн. Византиялык илимпоздор Европада жана Жакынкы Чыгышта орто кылымдагы лингвистикалык окуунун калыптанышына баа жеткис салым кошкон.

**16-18-кылымдагы Европадагы тил таануу. Лингвистикалык компаративизмге даярдык. Лингвистикалык компаративизм (Вильгельм фон Гумбольдт).**

Тилдердин ортосундагы (16-18-кылымдар) генетикалык байланыштарды издөө татаалдашып жана муну менен бирге активдешет. Дүйнөнүн тилдерин генеалогиялык классификациялоонун алгачкы тажрыйбасы пайда болот. Табигый илимий компаративизмдин катуу гүлдөп-өнүгүшү жана *анатомиянын, эмбриологиянын, палеонтологиянын, геологиянын ж.б. салыштырма илимдин* пайда болушу тил таанууну да козгогон. Лингвистикалык компаративизм XIX кылымда эки багыт түрүндө чыккан. *Биринчиден,* бул тарыхый-генетикалык багыт (салыштыруу-тарыхый тил таануу). *Экинчиден,* бул типологиялык багыт. **Салыштыруу-тарыхый тил таануу** *лингвистикалык компаративизмдин* кыйла иштелип чыккан жагы болуп саналат, генетикалык жактан байланыштуу тилдердин түркүмдөрү жана топтору анын объектиси болуп саналат жана ал өз алдына тектеш тилдердин ортосундагы туруктуу ылайык келүүлөрдү белгилөө, бир негизги тилде (же байыркы тилден) алардын келип чыгышынын жалпылыгын далилдөөнүн негизинде алардын убакыт жана мейкиндик боюнча эволюциясын сыпаттоо максатын койгон.

**19-кылымдын биринчи жарымында Европадагы тил таануу. 19-20-кылымдардагы тил таанууда жаңы жолдорду издөө. 19-кылымдын экинчи жарымында Европадагы тил таануу (тарыхый тил таануудагы натурализм жана психологизм, салыштыруу-тарыхый тил таанууну өнүктүрүүнүн младограмматикалык мезгили).** 19-кылымдын 10-20-жылдарында тил жөнүндө европа илиминин (“салттуу” тил таануу деп аталат) өнүгүшүнүн узак мезгили аяктайт жана таптакыр **жаңы илим** калыптанат. XIX кылымдын акырында эле тилге, анын табиятына жана маңызына карата көз карашта кезектеги принциптүү бурулуш жасоо зарылдыгын түшүнүлгөн, ал жаңы жетишкендиктерге - физикага, математикага, логикага, семиотикага, антропологияга, этнологияга, маданият таанууга, эксперименталдык психологияга, системалардын жалпы теориясына жана башка изилденип жаткан объекттин калыптанышын жана өнүгүшүн гана эмес, ошондой эле белгилүү чөйрөдө алардын структуралык-системалык уюштурулушун жана алардын функциясын изилдеген илимдерге адекваттуу жооп берет эле. 19-кылымдын 70-жылдарынын акырында – 20-кылымдын 20-жылдарында *салыштыруу-тарыхый тил таануунун* жана *лингвистикалык компаративизмдин* жалпы өнүгүшү тил таанууну татаал методологиялык

аппараты жана талдоонун так механизмдери менен так илимге айлануусу менен белгиленген. Бул мезгил *младограмматикалык* катары мүнөздөлөт, ал XIX кылымдын акырында XX кылымдын башында лингвистикалык компаративизмдин жетишкендигинин туу чокусу болуп калган.

**XX кылымда тил таануунун негиздеринин калыптанышы (И.А. Бодуэн де Куртенэ, Ф.Ф. Фортунатов, Ф. де Соссюр).** Бодуэндик-щербовдук багытка 20-кылымдын экинчи жарымындагы *ишкердүү-функциялык тил таануунун* негиздери жаткан. Фортунатовдук мектеп *формалдуу лингвистика* болуп саналат, ал лингвистикалык структурализмдин негиздерин түптөөгө көмөк көрсөткөн. Ф. до Соссюрдун идеялары социологиялык тил таануунун француздук мектебинин ишмердигине, формалдуу-структуралык жана структуралык-функциялык агымдардын, мектептердин жана концепциясынын калыптанышына жана өнүгүшүнө таасир тийгизген.

**XX кылымдын биринчи жарымында калыптанган негизги лингвистикалык багыттар (Петербург лингвистикалык мектеби, А. Мейе).** Л.В. Щербанын концепциясын тилдин добуштук жактарын изилдөөдө келип чыккан жана фонема жөнүндө окууну түзүүнү шарттаган жеке психофизиологиялык тил системасынын болушу (индивиддин сүйлөөсүн уюштуруу), ачык билдирилген семантизм (функционализм) мүнөздөйт. Француз социологиялык тил таануу тилди биринчи кезекте адамдардын коомдук статусу, иштөө чөйрөсү ж.б. менен байланышкан алардын баарлашуусунун каражаты катары чечмелеген. Ал тилдин системалуулугун жана анын бирдигинин белгилик табиятын таануу менен катар анын коммуникациялык функциясын биринчи планга алып чыгат.

**Лингвистикалык структурализм. Америкалык структурализм.** XIX-XX кылымдардын чегинде тил таанууда структуралык багыт келип чыккан, анда тил эң оболу белгилик системалардын бири катары карала баштайт жана аны изилдөөгө семиологиялык –семиотикалык принцип жайылтылган. Тил структурага, б.а. анын элементтеринин ортосундагы мамилелер тармагына барып такалат. 20-жылдардын акырында АКШда *дескриптивдик лингвистика*[14] пайда болуп жана структуралык тил таануунун нугунда жигердүү өнүгө баштаган, ал Америкадагы башка лингвистикалык багыттарга жана дүйнөлүк тил таанууга олуттуу таасир көрсөткөн. Дескриптивисттер тилди формалдуу так талдоону иштеп чыгууга жана логиканын, математиканын ыкмаларын тартууга зор салым кошкон.

[14] Дескриптивизм – 1920-1950-жылдардагы америкалык лингвистиканын багыты. Дескриптивизмдин негиз салуучулары жана анын башкы теоретиги болуп Л. Блумфилд саналат. Дескриптивизм концепциясынын калыптанышына чечүүчү даражада америкалык индеецтердин тилдерин жана маданиятын иликтеген АКШнын илимпоздорунун практикалык изилдөөлөрү таасир эткен.

**XX кылымдагы салыштыруу-тарыхый тил таануу (Моррис Сводеш, В.А. Дыбо, В.М. Иллич-Свитыч, Т.В. Гамкрелидзе, В.В. Иванов).** Жаңы ыкмаларды (структуралык, ареалдык, типологиялык жана башка) пайдаланууга ыктоо ачык болуп калган. *Глоттохронология*[15] ыкмасы түзүлүп, индоевропалык тилдерди тилдердин "ашкере тобуна" (семито-хамиттик, картвелдик, урал, алтай, дравид менен бирге) кошууну болжолдогон *ностратикалык теория* пайда болгон, дүйнөнүн бардык тилдеринин тектештиги (**моногенез** гипотезасы) жөнүндө жаңы теория алдыга коюлган.

**XX кылымдын акырында тил таануудагы кээ бир багыттар (Тил таанууну пайда кылган генеративдик багыт).** 20-кылымдын экинчи жарымындагы тил таанууда *генеративдик*[16] *лингвистиканын* пайда болушу тил жөнүндө илимде жаңы доордун башталгандыгын билдирген. Генеративдик лингвистика **Ноам Хомскийдин** идеясынын негизинде келип чыккан тил таануудагы формалдуу багыттардын бири. Анын *трансформациялык пайда кылуучу грамматикасы* логикалык эсептөөлөрдү жайылтуунун дедуктивдик-аксиоматикалык принциптерге ылайык курулат. *Фразалык структуралардын грамматикасына трансформациялык деңгээл* киргизилген, анда кайра түзүүлөрдүн ар кандай операциялары өркүндөтүлөт.

Азыркы кездеги лингвистика лингвистикалык билимдин узак тарыхый өнүгүшүнүн натыйжасы болуп саналат. Бүгүнкү күндө тил таануу көп сандаган лингвистикалык илимдерди бириктирген система катары чыгат.

**"Музыка жөнүндө илимий көз караштардын кыскача ретроспективасы"** *деген экинчи параграфта* музыка жөнүндө илимий билимдердин жалпы панорамасы берилген. Бүгүнкү күндө музыка таануу (музыка иликтөө, музыкология) бул илимий билимдер жагындагы өнүккөн тармак, ал жаңы идеялар жана изилдөөлөр менен туруктуу байытылып турат.

Музыка жөнүндө илим өзүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн маанилүү этаптарынан өттү. *Музыка таануу* музыканын өзү көркөм өнөрдүн башка түрлөрүнө караганда олуттуу илимий изилдөөлөрдүн предметине кеч айлангандыгына карабастан байыртадан бери эле өнүгүп келген. Байыркы доордо музыка, музыкалык ишмердик жөнүндө (Ассирия, Вавилон, Египет, Кытай, Персия, Индия) билдирүүлөр болуп келген. Тээ шумерлердин такталарга жазууларында эле тигил же цивилизациянын музыкалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө билдирүүлөр болгон. Космостук тартиптин чагылдырылышы катары музыканы түшүнүү көп элдерде орун алган. Алсак, Байыркы Кытайда дүйнөнүн жаралышынын алгачкы беш элементи жөнүндө

---

[15] Глоттохронология (гр. glõtta тил + *хронология*) – *лингв.* күндөлүк турмушта кыйла көп жолуккан кубулуштарды белгилөө үчүн пайдаланылган баштапкы сөздүктө сакталып калган сөздөрдүн пайызын эсептөөнүн негизинде тектеш тилдердин бөлүнүү убактысынын аныктоо мезгили.

[16] Генеративдик (< лат. generare пайда кылуу, чыгаруу) – чыгаруучу.

байыркы кытайдын натурфилософиялык окуусунан келип чыккан өзүнүн добуштук системасы калыптанган.

Илимий *музыка таануунун* башаттары антикадан келип чыгат. Байыркы грек философтору тарабынан көп сандаган теориялык окуулар: ладдар, ыргактар, интервалдар жөнүндө окуулар иштелип чыккан; музыканын эстетикалык аныктамалары жана музыкалык аспаптар жөнүндө жоболор берилген (Пифагор, Аристоксен, Евклид, Платон, Аристотель, жана башкалар). Музыкалык илимдин казынасына *араб ойчулдары* аль-Кинди, Абу Наср Мухаммед аль-Фараби, Абу-ль-Фарадж аль-Исфахани, Абу Али Хусейн Ибн Сина (Авиценна) жана башкалар көрүнүктүү салым кошкон. Орто кылымдарда араб музыкалык илими жогорку деңгээлге жеткен.

Европа илими музыка жөнүндө бүткүл дүйнөлүк илимдин фундаменталдык бөлүгүн түзөт. *Орто кылым* жана *Кайра жаралуу* доорунда музыкалык-теориялык ойдун негиздери түптөлгөн: диатоникалык ладдар системасы баяндалган, ноталык жазуунун реформасы, көп-добуштун, мензуралдык нотациянын өнүгүшү ж.б.; консонанстанган интервалдар (терциялар жана сексталар), хроматизмдер мыйзамдаштырылган; полифониялык жазуу техникасы иштелип чыккан, тоналдык гармонияны калыптандыруу үчүн өбөлгөлөр түзүлгөн. XVII-кылымда музыкалык-теориялык, акустикалык жана эстетикалык маселелердин чөйрөсүн камтыган энциклопедиялык мүнөздөгү бир катар эмгектер түзүлгөн.

Өз алдынча илим катары *музыка таануунун* калыптанышынын маанилүү этабы *Агартуу доору* болгон. XVIII-кылымда *музыка илими* толугу менен теологиядан бошонуп жана илимий изилдөөгө кыртыш болуп калган. Музыкалык лексикография боюнча алгачкы эмгектер пайда болуп, теориялык жана практикалык эмгектер иштелип чыккан. XIX-кылымда айрым композиторлор жөнүндө көп сандаган монографиялык изилдөөлөр пайда болгон. Ар кандай методологиялык позициялары менен музыкалык-тарыхый процесстерди бүтүндөй камтууга аракеттер жасалган. Музыкалык тарыхография өнүккөн. XIX- жана XX-кылымдардын чегинде музыкалык-тарыхый изилдөөлөрдүн методологиялык маселелерине зор көңүл бурулган (Г. Кречмар, Г. Адлер, Х. Риман).

XIX кылымдын ортосунда Россияда көрүнүктүү музыкалык сынчыларынын - А.Н. Серовдун, В.В. Стасовдун, Г.А. Лароштун ишмердиги кулач жайган. Реализмдин жана элдүүлүктүн алдыңкы идеялары үчүн күрөш алардын чыгармачылыгынын мүнөздүү белгиси болуп калган. XIX кылымдын акырында жана XX кылымдын башында Россия элдеринин - Украинанын, Арменияның, Грузиянын, Латвиянын ж.б. маданияттарын иликтөө боюнча иш кеңири күчөтүлгөн.

Советтер өлкөсүндө *музыка таануу* өз алдынча дисциплина катары таанылып, СССРдин бардык элдеринде музыка жагында илимий ишмердикти кеңири өнүктүрүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Советтик музыка таануучулар музыканын теориясы жана тарыхынын маселелери боюнча

маанилүү фундаменталдык маселелерди иштеп чыккан. Советтик музыка таанууну өнүктүрүүнүн кеңири жана ар тараптуу программасын ой-өрүшү кеңири илимпоз - **Б. В. Асафьев**[17] (1925) алдыга койгон, ал советтик ири музыка таануу мектептеринин бирин башкарган.

*Музыка* чынында эле көп көркөм өнөрлөрдүн ичинде татыктуу орунду ээлеп турат. Ал чыгармачылыктын башка түрлөрү сыяктуу эле өзүнүн көркөм каражаттарына толук ээ болууга жетишти, ал эми бул жакка арналган илимий изилдөөлөр дүйнөлүк илимде өзүнүн татыктуу ордун ээлеп турат.

**«Адамдын тил системасынын нативдүүлүгү жөнүндө" деген <u>үчүнчү глава</u>** үч параграфтан турат.

*Биринчи* **«Сильбо Гомера тили»** *деген параграфта* байыркы өз алдынчалуу кубулушка – Гомер аралынын (Канар аралдары) ышкырык тилине арналган материал баяндалган. Байыркы реликттин болушу *прасинкретикалык тилдин* болгондугу жөнүндө гипотезаны ырастайт, ал тилди адамдардын байыркы бабалары пайдаланган болуу керек.

"Сигналдык", канаттууларды жана жаныбарларды туураган тилдер ар башка элдерде болуп келген. Мындай өзүнчө бир "ышкырыктык эсперанто" ультрадобуштук диапазондо байыркы заманда байыркы адамдар баарлашкан ***бирдиктүү интонациялык-маңыздуу тилдин*** болгондугу жөнүндө далилдеп турат.

Ышкырык тилди Испания менен Франциянын чек арасында Піренейдин түндүк-батышында турган чакан Беарн кыштагы Аастын тургундары да колдонот. 1960-жылдары ышкырык тилдери жөнүндө ушундай "атам замандагы феноменге" таңыркаган лингвисттер айта баштаган. Алар Жогорку Вольтадагы *бваба* уруусунун ышкырык тилдери жөнүндө, ошондой эле аны коңшу Кудугу (Африка) округдагы *гурунси* уруулары да активдүү пайдалана тургандыктары жөнүндө билдиришкен. XIX-кылымдын акырында Канар аралдарына немец этнографы **Кведенфельд** барган, ал <u>ышкырып сүйлөшүүгө</u> арналган макала жарыялап жана ал ачкан феноменди "**Гемердин сильбосу**" деп атаган. Ал жергиликтүү "сильбо" тилинде сөздүн же сүйлөмдүн негизи үндүү добуштарга ылайык келген кыйла бийик же төмөн туруктуу бийиктиктеги жана анча көп эмес кооздуктары менен бир катар музыкалык тондордон тургандыгын болжолдогон.

XX кылымдын 1970-жылдарынын башында америкалык «Каррент Антрополоджи» (Current Anthropology) журналында адамдын тилинин келип чыгышы жөнүндөгү маселе талкууланган. Антрополог *Ф.Б.Ливингстон* «Австралопитектер ... ырдаганбы?» деген макаласында "**адам сүйлөгөнгө чейин көп мурда эле ырдаганды билген, ыр сүйлөөдөн мурда, демек, адамдын тили пайда болгонго чейин турган**" деген гипотезаны алдыга

---

[17] Борис Владимирович Асафьев (адабий каймана аты – *Игорь Глебов*; 1884-1949) – орус советтик композитор, музыка таануучу, музыкалык сынчы, педагог. СССР ИА академиги(1943), СССРдин эл артисти (1946), советтик музыка таанууга негиз салуучулардын бири.

койгон. Автордун гипотезасы канаттуулардын ышкырып үн алышуусун изилдөөгө таянган, алар ээ болгон ышкырык менен сигнал берүү бир катар белгилери боюнча адамдын тилине жакындап кеткен.

Илимпоздор бул гипотезаны колдошуп, байыркы гоминиддер (адам кейпиндеги же маймыл кейпиндеги адамдын бабалары) "ырдагандыгында" кадыресе эле шарт болгондугун айтышкан. Балким беш континенттин көп жерлеринде түпкү калктар бири-бири менен ышкырык аркылуу сүйлөшкөн сейрек кездешүүчү реликтик "архантроп" формасы болгондугуна ишенишет.

Канар аралдарын (XIV кылым) биринчи болуп ачкан мурдагы испан жана португал хроникаларында ышкырык тили жөнүндө эскерүүлөр бар, ал коркунучтуу учурларда Гомер аралында жаңырып турган. Мына ушундай адаттан башкача тилдин жардамы менен Канар аралдарынын тургундары – көк көз *гуанчи* деген залкар адамдар баарлашып тургандыгы айтылат. Кийин Сильбо испан тилинин диалекттеринин биринин ышкырык формасы болуп калган. Тургундар ал тилде терең капчыгайлар жана тар өрөөндөр аркылуу баарлашып турган.

XIX-кылымдын акырында Канар аралдарына европалык илимпоздор барышкан, алар **"Гомер сильбосу"** – **шарттуу белгилердин системасы эмес, чыныгы тил"** деген корутундуга келишкен. Аны "сүйлөшүү ышкырыгы" деп аташкан, сөздүн же сүйлөмдүн негизин кыйла жогорку же төмөнкү туруктуу бийиктиктеги музыкалык тондор түзөт. <u>Ультрадобушту</u> – бийик жыштыктагы добушту (18000-20000 Гц жогору) жаныбарлардын кулагы оңой эле уга алат, ал эми адамдын кулагы уга албайт. Кыязы, **биздин байыркы бабалар *жаныбарлар менен канаттуулардын* тилин угуп жана түшүнүп, жана "ультрадобуштук диапазондо "сүйлөшүшкөн", бирок убакыттын өтүшү менен алар мындай касиетин жоготуп жиберишкен".**

**«Сильбо тилинин»** таркашынын панорамасы адаттан башкача кеңири – Беарндеги Аас кыштагы (француз Пиренеи), Канар аралдары, Түркия, Балкандар, Непал, Кашмир, Батыш Судан, Мексика... – бул табышмактуу ушул тил жолуккан өлкөлөр менен континенттердин толук эмес тизмеси. Кээ бир "Сильбо" тилдери адамдын тарыхынын баштапкы этаптарында (палеолит, мезолит) пайда болгон. Байыркы заманда ушул "лингвистикалык реликт" эң ар түрдүү элдерде кеңири таркаган болушу мүмкүн.

2009-жылы бул тил ЮНЕСКОнун оозеки жана материалдык эмес маданий мурастарынын тизмесине киргизилген.

**«Тилдер: жаргондор, пиджин, аралаш тилдер, креол тилдери кантип жаралган»** деген экинчи параграфта *байланышуу тилдеринин* көп түрлөрү жөнүндө жалпы түшүнүк берилет. Алардын пайда болушунун тарыхы, келип чыгышынын себептери жана жагдайлары, ошондой эле тилдик көп түрдүүлүктүн табияттарына, классификациялардын көп түрдүүлүгүнө түшүндүрмө берилет.

Тилдердин жаралышы – бардык лингвисттердин көңүл борборунда турган көйгөй.

Качандыр-бир кезде жер шарында жашаган жана жашап жаткан элдердин тилдеринин жалпы саны – 2500 дөн 5000 чейинкини түзөт, бирок ар башка тилдерин жана бир тилдин диалекттеринин ортосундагы зор айырмачылыктан улам алардын так санын аныктоо мүмкүн эмес. Лингвисттер бир пикирге келе албай жатышат: кээ бирлери дүйнөдө 3000 жакын тил бар, башкалары 6000 ашык деп эсептешет.

Бирок, андан да актуалдуу тема – тилдердин жок болуп кетүү темасы да бар, ал ар дайым жана саат сайын бизди коштоп жүрөт. Артка карай жүргөн кыймыл, башкача айтканда тилдердин жок болуп кетишин токтотуу процесси өз алдынча идентификациялоого умтулуу сыяктуу кубулушка байланышкан. Бардык учурларда тилдер жок болуп жана кайра пайда болуп келген, бул процесс адамзаттын бүткүл тарыхында аны коштоп келген процесс. Жаңы тилдердин пайда болушу болжол менен XVI кылымда башталган колонизация сыяктуу процесс менен байланышкан. Ошол мезгилден баштап жаңы тилдердин ушунчалык көп саны пайда болгон, аны байкабай коюуга болбойт эле. Этностук карым-катнаштардын натыйжасында **тилдик карым-катнаштар** да жүргөн. Европалыктар мурда барбаган ар тарап дүйнө бөлүгүнө сүзүп келип өз тилдерин ала барышкан. Жергиликтүү адамдар европалык тилдерде сүйлөшүүгө аракет кылышкан, мунун натыйжасында алардын таң калыштуу түрлөрү пайда болгон, аларды дароо эле өз алдынча тил катары таанышкан эмес. Бул маселени *жалпы тил таануу, жалпы лингвистика* сыяктуу илим аркалайт.

Элдер үзөңгүлөш жашай баштап, эки тилдүүлүк, үч тилдүүлүк жаралат. Тилдер бири-бирине таасир тийгизип, тилдердин эки жактуу структуралары өзгөрүп, мындайча айтканда *интерференция* жүрөт. Кээде *тилдик союздар* келип чыгат, мында бир нече тилдер бири-бири менен өз ара аракеттенет, мунун натыйжасында жалпы белгилер пайда болот. Лингвистикада муну тилдик карым-катнаштын экстремалдык эмес кырдаалы деп аташат. Адамдар ар башка маданияттарды жана ар башка тилдерди көрсөткөндө аларга шашылыш түрдө жалпы тилди иштеп чыгуу зарыл болот, дал ошондо алар экстремалдык кырдаалга туш болушат.

Тилдик карым-катнаштын дал ушундай кырдаалдарында **пиджиндер** келип чыккан. Жана бул эң оболу *кул сатуу* б.а. *колонизациялоо* менен байланышкан. XVI кылымда биринчи метрополиялар болуп *Испания, Португалия* саналган, XVII кылымда аларга *Франция, Англия, Голландия* кошулган. Бир континенттен башкасына адамдардын чоң топторунун орун которуусу башталган. Ар башка жерлерден келген жана таптакыр башка тилдерде сүйлөгөн жалданган жумушчулар жана кулдар алар үчүн жалпы болуп калган *колонизаторлордун тилин* өздөштүрүүгө аргасыз болгон. Кулдар арасында баарлашуунун негизги каражаты болуу менен, бул тил (мисалы, англис тили) аны англичандардын өздөрү колдонгон түрүндө пайдаланылган эмес. Кулдар өз тилдеринде сүйлөө мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, бөтөн тилди өздөштүрүп, өздөрүн ага ылайыкташтырууга аргасыз

болгон кырдаал келип чыккан. Өз эне тили менен жана али толук өздөштүрө элек тил, б.а. колонизаторлордун тилинин ортосунда компромисс келип чыккан. Бул кокусунан улам келип чыккан. Алар үйрөнгөн тилдерде (мисалы, англис тилинде) алардын *өз эне тилдеринин белгилери да байкалган*. Лингвистикада бул <u>субстраттык таасир</u> деп аталат.

Пиджинди пайдаланган адамдардын тобундагылардын бардыгынын өз эне тилдери бар. Акырындык менен баарлашуу процессинде <u>пиджин нативизацияланат</u>, б.а. <u>пиджин эне тил болуп калат</u>. Бирок, ошол жамаатта <u>балдар пайда болгондо</u>, алар менен кошо жаңы тилдер пайда болот. Эне тили катары пиджинди өздөштүргөн балдар, жаңы – ***креол тилинин*** түзүүчүлөрү болуп калат. Балдардын пиджинди өздөштүрүүшү этабында анын толук кайра курулуушу башталат.

**Пиджиндер жана креол тилдери** – булар формалдык белгилери боюнча да бир эле тил эмес. Бардык *жаргондордун* ичинен *пиджиндер* келип чыккан эмес, ошондой эле ар бир *пиджинден* эле *креол тили* келип чыкпайт. Каалаган убакта мындай кырдаал сырткы күчтөрдөн улам (плантацияны жаап салышат же кандайдыр-бир башка себебтер боюнча) токтоп калышы мүмкүн. Бирок кээ бир учурларда пиджиндерден чыныгы *креол тилдери* келип чыгат.

*Жаргон, пиджин, креол тили* – булар өз ара тыгыз байланышкан, бул бир тизмек. Ал эми ***аралаш тилдер***[18] - бул бир тизмекке кирбеген өзүнчө класс.

**Аралаш тилдер –** бири-бирин бириктирип тургандай эки тилден келип чыгат. Бул тилдер төмөнкү себептерден улам пайда болот: бул топтун бардык мүчөлөрү - *билингвилер,*[19] бардыгы эки тилде, кээде 3 тилде сүйлөшөт. Бардыгы грамматикада түзүлөт – мисалы, эгерде бардык учурда англис тилин билсе, анда андай тилди өзү оңой эле курап алса болот: англис сөздөрүн туура келген shining, listening ж.б. улап коюу керек. Мисалы, *билингвизмдин* негизинде ***кыргыз тилиндеги*** аралашмалардын мисалдары көп байкалат, мында сөз негизги лексификатордон (орус тилинен) алынат, ал эми грамматикасынын ордуна өзүнүкүн пайдаланат.

**Креол тилдери жана пиджиндер** кандайдыр-бир соода процессинде же ишкер карым-катнаштарда ар башка улуттагы адамдардын баарлашуусунда же колонизациялоо жана кулчулук сыяктуу учурларда пайда

---

[18] Аралаш тилдер (ошондой эле *катнашуу тили*) – кеңири колдонулган эки тилдүүлүк шартында пайда болгон тилди билдирген термин. Аралаш тилдердин пиджиндерден негизги айырмасы пиджин келип чыкканда тилдик бөгөт болгондугунда – катнашкан адамдар бири-биринин тилдерин билишпейт жана жалпы маселелерди чечүү үчүн пиджиндерде баарлашууга аргасыз болушат. Аралаш тил болсо толук эки тилдүүлүк шартында пайда болот, мында алардын элементтерин салыштыруу жана өздөрү конструкциялаган капилеттен пайда болгон тигил же бул жаңы тилди сиңирип алуу үчүн топтордун өкүлдөрү эки тилди жакшы билишет.

[19] Билингвизм (*би* ... + лат. lingus тил) – *лингв.* кош тилдүүлүк – бир учурда эки тилди пайдалануу (мисалы, Канадада француз-англис тилдерин пайдалануу).

болот. Ар башка этностор сүйлөгөн тилдер адатта башатын көп сандаган тилдик булактардан алат. Бирок, *пиджиндөө* же *креолдаштыруу* процессинде тилдер жөнөкөйлөштүрүлөт, пиджин жана креолдор жөнөкөй тил болуп калбайт, бирок өзүнүн жеке, кайталангыс структурасына ээ болушу мүмкүн. Колонизациялоодон кийинки мезгилде ушул тилдердин көпчүлүгү көз карандысыз элдердин улуттук тилдери болуп калды.

Ишкер, соода мамилелеринин алкагында пайда болгон *пиджиндер* жөнөкөйлөштүрүлгөн структурага ээ жана анын сөздүк запасы минималдуу болот (мисалы, XIX кылымда чек ара райондорунда норвег балыкчылары менен орус көпөстөрүнүн ортосунда өнүккөн *руссенорск тили* соода пиджини болуп саналат. Сөздүк запасы – 300 сөзгө жакын жана грамматикасы чектелген).

Англиянын колонияларында "пиджин-инглиш" сөз айкашы кеңири колдонулган. Англис тилинин ар түрдүү стандарттуу эмес варианттары ага негиз болгон. Пиджиндер – бул ушундай кырдаалда пайда болгон тилдердин жөнөкөйлөтүлгөн формасы. Соода пиджиндери миңдеген жылдар бою адамдардын ортосунда баарлашуу үчүн пайдаланылып келген, өзгөчө алар XVIII кылымдын башында элдер континенттер боюнча жапырт таркай баштаганда өтө катуу өнүккөн. Кул сатуунун жана тропикалык плантацияларда жалданма эмгекти колдонуунун гүлдөп өнүгүшү Азиядан жана Африкадан келген адамдардын чоң топторунун туруктуу жер которушунун башкы себеби болгон. Адамдар чогуу жашоого аргасыз болушкан, мына ушундай көп тилдүүлүктүн шартында европа тилдеринин: англис, француз, нидерланд ж.б. тилдердин негизинде алардын жалпы тили пайда боло баштаган.

**Пиджиндин формалдуу лингвистикалык белгилери:**

1 <u>Грамматикалык мезгилдер жок.</u> Адатта бардыгы: кечээ, эртең, же жакында ж.б. деген тактоочтор менен билдирилет;

2 <u>Флективдик морфология жок</u>;

3 <u>Сандар факультативдүү билдирилет</u>. Көпчүлүк, жеке сандардын көрсөткүчтөрүн пайдалануунун зарылдыгы жок, мында: “Эки” же “Үч” деп айтуу көп экендигин билдире тургандыгы түшүнүктүү;

4 <u>Өзгөрүлбөй турган формалар көп жолугат</u> – алар лексификатор-тилден алынат. Мисалы, жөнөкөй жана түшүнүктүү **инфинитив** формасы, аны пайдалануу өтө ыңгайлуу. **Императив да, инфинитив да** – пиджинде <u>ыңгайлуу курулуш кыштары</u> сыяктуу пайдаланылат;

5 <u>Бир маркировкалоочу жөндөмө</u>. Мисалы, man bilong missus kwin деген сүйлөмдө <u>bilong</u> деген сөз жөндөмөнү көрсөтүп турат;

6 <u>Жеке атоочтор аз, синтаксис өтө жөнөкөй</u>, анткени биринчи этаптагы башкы жана бирден-бир функция – бул *коммуникативдик функция*, бири-бири менен баарлашуу гана керек жана башка эч нерсе керек эмес.

**Пиджиндер менен креолдордун дүйнө боюнча таркашы.** Бийлик жана күч-кубат үчүн бири-бири менен атаандашкан, тилдери алардын

саясатынын негизине алынган Европа державаларынын колониалдык экспансиясы Жер шары боюнча *пиджиндер* менен *креол тилдеринин* таркашын көрсөтүп турат. Алардын бардыгы XVI-XVII-XVIII кылымдарда колонизациялоо доорунда кулдардын орун которуу жолдорун бойлой катталган. Алар сүйлөгөн тилдер көп сандаган *креол тилдеринде* өз изин калтырган, ал эми дүйнөгө *пиджиндерди* берген бардык тилдер негизинен улуу деңиз державаларынын - Англиянын, Португалиянын, Испаниянын, Франциянын, Голландиянын тилдери болгон. Жумушчу күчүн башкы берүүчү болуп саналган Батыш Африка боюнча (XVII-XVIII кылымдар) көп сандаган соода жолдору өткөн. Африканын батыш жээги – бул пиджиндер менен креол тилдеринин өзүнчө бир коругуна айланган, ал эми Кариб бассейиндеги пиджиндер менен креол тилдеринин санындай сан дүйнөнүн бир да жеринде жок. Ошондой эле Түндүк Австралияда да ушундай.

*Океания, Папуа Жаңы Гвинея* – бул өзүнчө бир лингвистикалык корук. Ал жерде эң көп тилдик ар түрдүүлүк орун алган. Борбордук Америкада, Кариб бассейинде – англис, француз, испан тилдеринин негизиндеги *креол тилдери*, гаити креол тилдери. Жыйынтыктоочу сан: **креол тилдеринде 8 млн. киши сүйлөйт, чындыгында бул андан да көп болушу мүмкүн.**

**Англис тилинин негизиндеги креол тилдери**. Англис тилинин негизинде калыптанган *креол тилдери,* көбүнчө Кариб бассейине таркаган.

**Кариб бассейиндеги креол тилдери**. Бир катар Европа өлкөлөрү (Британия, Франция, Испания, Нидерланды) Кариб бассейинин колонизациялап алган, бул ошол өлкөлөрдүн тилдеринин негизинде *креол тилдеринин* келип чыгышына алып келген. Азыркы учурда аралдарда *ямайка* жана *гаити креол* тилдери жашап жатат.

**Француз тилинин негизиндеги креол тилдери.** *Франко-креол тилдери* Индия океанынын жана Кариб бассейинин зоналарына таркаган. Француз тилинин негизиндеги *креолдун* эң белгилүү мисалы болуп *гаити тили* саналат (аны 5 миллионго жакын адам алып жүрөт). Франциянын Антил аралдарында, анын ичинде Гваделупа аралында жана Мартиника аралында, азыраак деңгээлде американын Луизиана штатында анын тектеш варианттарында сүйлөшөт.

**Маврикиянын креол тили (француз тилинин негизинде).** Маврикий[20] аралында *креол тилинин* калыптанышына *малагасий* жана *тамиль тилдери,* ошондой эле кээ бир *африка тилдери* таасир этти. Бирок, маврикий лексикасынан француз сөздөрүн оңой эле айырмалоого болот, бирок бул тилдин грамматикасы француз тилинин грамматикасына таптакыр окшош эмес.

**Испан тилинин негизиндеги креол тилдери.** Эки креол тили - *паленкеро* менен *папьяментунун* пайда болушу Кариб бассейинин регионун

---

[20] Маврикий (англ. *Mauritius*, фр. *Maurice*), расмий аталышы – Маврикий Респу́бликасы (англ. *Republic of Mauritius*, фр. *République de Maurice*) – Чыгыш Африкадагы арал мамлекет.

испандардын колонизациялоосунун натыйжасы болуп калган. *Филиппиндик* испано-креол тили – *чабакано* же *чавакано* (исп. *chabacano*) – Филиппиндерде креолдошкон бардык испан тилинин ичинен эң кеңири таркаганы жана белгилүүсү.

**Португал тилинин негизиндеги креол тилдери.** Португалиянын негизги үч ареалга: Батыш Африкага, Индияга жана Шри-Ланкага, ошондой эле Малайзияга жана Индонезияга (XVI кылым) колониялык саясаты ал жерде креол тилдеринин калыптанышына алып келген. Ар бир жолку учурда булак болгон тилге жергиликтүү тилдер таасир көрсөтүп келген.

**Нидерланд тилинин негизиндеги креол тилдери.** *Бербайс-дотч* – Кариб бассейинде мурдагы голландиялык колониялардын аймагында калыптанган бирден-бир тирүү *голланддык-креол тили.*

**Малай тилинин жана кытай тилинин амой диалектинин негизиндеги креол тилдери.** *Баба-малай тили* изилдөөчүлөр үчүн өтө кызыгууну пайда кылган. Ал XV кылымда кытайдын Фуцзянь провинциясынан иммиграннтар Малакка жарым аралындагы Малакке порт шаарына отурукташа баштаганда пайда болгон. Кытай соодагерлери жергиликтүү тургундарда аял ала баштаган, ал эми Малайзияда *"ньёнья"* маданияты өнүгө баштаган, анын өкүлдөрү креол тилинде сүйлөшкөн: алар *кытай тилинин амой* элементтерин *малай сөздөрү* менен айкалыштырган.

**Араб тилинин негизиндеги катнаштык тилдер.** Негизги лексификатор катары араб тилинин негизинде келип чыккан *пиджиндер, креоль, аралаш* жана *жөнөкөйлөтүлгөн тилдер* араб дүйнөсүнүн чет жакасында жаралган. Араб негизиндеги бардык белгилүү катнашуу тилдери Африкада египет-судан араб тилинин негизинде пайда болгон.

**Океаниянын креол тилдери жана пиджиндери.** Океанияда таркаган пиджиндердин жана креол тилдеринин көп бөлүгү бул региондо колониялары бар өлкөлөрдүн европалык тилдерине: Меланезия[21] менен Кытайда англис, Индокитайда француз, Малакка менен Аомында португал, жана Филиппиндерде испан тилине негизделген.

**Меланезиянын пиджин-инглиши.** Соңку эки жүз жылдын ичинде Океанияда пайда болгон пиджин англис тилине негизделген тилдин мисалы болуп саналат. Жөнөкөйлөтүлгөн англис тилинде алгачкы соодагерлер жергиликтүү калк менен сүйлөшүшкөн, кээде аны “сандал англисчеси” деп аташат. Меланезиянын *пиджин-инглиши* туруктуу жана кеңири таркаган баарлашуу каражаты болуп калды.

**Орус пиджини.** Орус тилине негизделген пиджин да бар: мисалы *таймыр пиджини, кяхтин* – орус-кытай, *руссенорск* – орус-норвег, *меднов тили ж.б.*

---

[21] Меланезия (байыркы гректин μέλας и νῆσος – Кара аралдар) – Тынч океандагы аралдар тобунун топтому, анын түпкү калкы полинез тилинде да, микронезия тилинде да сүйлөбөйт. Меланезия Австралиядан түндүк-чыгышта жайгашкан.

***Креол тилдери*** узак мезгил бою колониялык доордун продукту болгон, ал эми постколониялык мезгилде бир тилдер расмий таанылды, а башкалары жок болуп кетти. Кээ бир креол тилдери (*маврикий* жана *папьяменту*) улуттук тилдин статусун алып, аларда жазуу да өнүктү. Башка креол тилдери стандарттуу европа тилдеринин экинчи жолку таасирине кабылды, бул аларды акырындык менен декреолизациялоого алып келди, атап айтканда, *ямай* жана *гайан тилдери* англис тилинин стандарттык вариантына жакындады, ал эми *макиста* – классикалык португал тилине жакындады. Чакан тилдик жамааттарда көп сандаган креол тилдери, мисалы, *бербайс-дойч жана па-ланкеро*, азыркы учурда колдонуудан чыгып, өзүнөн кийин кээ бир маданий салттарды гана калтырган.

«**Креол тилдери. Дерек Бикертондун теориясы»** деген *үчүнчү параграфта пиджиндер менен креол тилдерин* изилдөө менен даңкы чыккан дүйнөгө белгилүү америкалык илимпоз **Дерек Бикертондун**[22] гипотезасынын мазмуну ачып көрсөтүлөт. Кыйла ырааттуу нативисттердин – тилдин тубасалыгын жактоочулардын бири болуу менен Бикертон *биологиялык программа* (1984) жөнүндө оригиналдуу теорияны алдыга койгон, анын маңызы төмөнкүдө турат: бизге туулганда берилген, мээде орноп калган кайсы-бир когнитивдик структура бар; балдар тубаса грамматикалык жөндөмдүүлүккө ээ,[23] балдар чоңдорго караганда тилди башкача түзүшөт.

*Креол тилдери* мурда ал жерде кулдардын же жалданма жумушчулардын эмгеги кеңири пайдаланылган зоналарга таркаган: Кариб бассейни, Индия жана Тынч океандарынын аралдары, аларда негизинен плантациялар болгон. Тарыхый шарттар *креол тилдеринин* пайда болушуна жана өнүгүшүнө (1500-1900-жылдар) көмөк көрсөткөн. Англия, Франция, Голландия, Португалия жана Испания сыяктуу өлкөлөр көп сандаган жээктеги райондордо жана аз калктуу тропикалык аралдарда көп сандаган колонияларды түзүшкөн. Ал жерде моноөсүмдүктөрдү: кант, тропикалык мөмө-жемиштерди өстүрүшкөн. Жумушчуларды Батыш Африкадан, кийин Чыгыш Африкадан, Индиядан жана Чыгыш өлкөлөрүнөн алып келишкен. Алардын экономикасынын өнүгүшү жана сапаты жумушчу колдордун көп санына жана жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу болгон. Алардын бардыгы ар башка тилдерде сүйлөшкөн жана бири-бирин түшүнүшкөн эмес. Ошентип, дүйнөнүн булуң-бурчунан форттордо, плантацияларда иштөө үчүн алып келинген жалданма жумушчулар Африкада, Индия океанынын райондорунда,

---

[22] Дерек Бикертон - белгилүү илимпоз, Гавай университетинин ардактуу профессору. Анын креол тилдери бир муундун ичинде структашпаган *инпуттан* балдар тарабынан түзүлүшү мүмкүн деген ачылышы Бикертонду тил башатын кайдан алат деген суроого барып такаган.

[23] Бул гипотеза Ноам Хомскийдин жана анын жактоочуларынын “Универсалдуу Грамматиканын” тубасалыгынын идеясына дал келип калган (Массачусетс технологиялык институту).

Чыгыш өлкөлөрүндө, Кариб бассейнинде, Гавай аралдарында түшүм өстүрүп жана жыйноодо иштешкен. Алар башка тилдүү жамааттардын мүчөлөрү менен жөнөкөй тилде – "пиджинде" баарлашкан.

Ушундай конуштарда туулган балдар үчүн бул баарлашуу жеткиликтүү жалгыз тил болгон. Дал ошонун негизинде кийин жаңы жергиликтүү тилдер жаралган, алар жалпы "*креоль*" деген атка конгон. Өзүнүн таасирдүүлүгү жана маанинин эң татаал белгилерин бере алууга жөндөмдүүлүгү боюнча ал башка орноп калган тилдерден кем калган эмес. Эреже катары, *креол тилдери* европалык колониялык экспансиянын үзүрү болуп калган, алардын сөздүгү негизинен *англис, француз, испан* же *португал* тилдерине негизделген. *Пиджинди* өз эне тилиндей пайдалана баштаган этностор аралык жамааттарда туулган балдар аны аларга туулгандан берилген когнитивдик структурага ылайык кайра курушкан. Бикертон муну **биологиялык программа жөнүндө гипотеза** деп атаган. *Пиджин* – али калыптана элек тил болгондуктан ал креол тилдеринен өтө айырмаланат.

Ар башка *креол тилдери* бар экендигине карабастан, илимпоздор алардын структурасынын таң калгыдай окшоштугун белгилешкен. Көрсө, бүткүл дүйнөдө *креол тилдери* Гавай аралдарындагы *креол тилдериндей* эле бир тектүү жана ошондой эле грамматикага ээ экен. Бул тилдердин окшоштугун жергиликтүү тургундардын тилдери же кайсы-бир башка тилдер менен катнашы менен түшүндүрүүгө болбойт. *Креол тилдеринин* жалпы белгилери ар кандай башка тилди баланын өздөштүрүшүнүн негизин түзүшү мүмкүн. Бул гипотезаны ырастаган фактылар: **ал тилди билген чоңдордун айланасында 2-ден 4 жашка чейинки балдар сүйлөгөн тилдин структурасы *креол тилдеринин* структурасын эске салат**.[24]

Гавай аралдарында *креол тилдеринин* өнүгүшүн иликтөөгө чейин бүткүл дүйнөдөгү креол тилдеринде грамматикалык окшоштуктар лингвисттер тарабынан маанилүү лингвистикалык факт катары каралып келген.

**Пиджиндер менен креол тилдеринин** ортосунда табылган айырмачылыктарды, экинчи жагынан **креол тилдеринин өз ара окшоштуктарын** Д.Бикертон "**балдардын тилин ойлоп табуунун**" далили катары интерпретациялаган, мында алар *структуралашпаган сүйлөө инпутунун*[25] кырдаалында турганда – балдар пиджинди кыйла толук кандуу тилге айландыруу менен өзүнүн тубаса тилдик жөндөмдүүлүгүн пайдаланат. *Креол тилдеринин* кабылданган жалпы белгилери, Бикертондун пикири боюнча, тилдин жөндөмдүүлүктөрдүн универсалдуулугунун натыйжасы болуп саналат. Бир сөз менен айткандардан биринчи сүйлөмдөргө өтүүдө

---

[24] Дерек Бикертон, статья «Креольские языки», журнал «В мире науки», 1983, № 9, с.80.
[25] *Инпут* – ('*Input*'- «киришүү маалыматы», *котормочунун эскертүүсү*) – бул кыска сөз, аны менен "сиз окуган жана уккан сүйлөм" белгиленет. Input бул "сиз сүйлөгөн же жазган сүйлөм" дегенди билдирген '*Output*' сөзүнүн карама-каршысы.

салттуу тилдерде балдардын айткандарынын грамматикасы менен креол тилдеринин ортосундагы окшоштуктарды байкоо менен Бикертон "**тилдердин биопрограммасы**" **(1984)** жөнүндө атап айтканда, бардык балдар тубаса грамматикалык жөндөмдүүлүккө ээ деген гипотезаны алдыга койгон.[26] Бикертон жаңы грамматиканы балдардын ойлоп табуусу деп эсептеген, алар аны мутациянын натыйжасында келип чыккан гендик программанын аркасында жасайт.

«Пиджин» креолдашканда, башкача айтканда, адамдардын кайсы-бир тобу үчүн эне тилге айланганда, анда бир катар өзгөрүүлөр болуп өтөт: сүйлөөнүн ылдамдыгынын көбөйүшүнөн, муундардын саны кыскарат, кээ бир тыбыштар түшүп калат; жаңы морфологиялык жана грамматикалык структуралар пайда болот, сөздүк эң ар башка булактардан жаңы сөздөрдүн кыйла саны менен толукталат. *Креолдор* бурмаланган европа тилдерин эске салат, жана узак мезгил бою аларды кадимки тилдердин бузулган формасы деп эсептеп келишкен. Европа сөздөрү жөнөкөйлөтүү боюнча өзгөргөндүгүнө карабастан *креол тилдери* өз грамматикасына ээ болгон (мисалы, "did have" *костарика креолунда* өткөн чактын формасы болуп саналат, ал Кариб бассейнинин көп креол тилдеринде жолугат, бул жерде ал англис тилинин "had", "was", "came" сыяктуу этишинин туура эмес формаларынын ортосунда колдонулат). Учурда илимпоздор *креол тилдерин* бардык белгилүү европа тилдерине окшош эместигин моюнга алышкан. Бирок алар тилдик структураны б.а. грамматиканы өнүктүрүүгө көз салып туруу мүмкүнчүлүгүн берет, анткени дүйнөнүн көп тилдеринин келип чыгышы адамзат тарыхынын көмүскөсүндө жабык бойдон калып калган.

Дээрлик бардык *креол тилдери* тропикалык аралдарда же жээктеги обочолонгон райондордо, айыл чарба колониялары түзүлгөн жерде пайда болгон. Дүйнөдө *креол тилдеринин* таркашы алардын келип чыгышынын тарыхый шарттарын чагылдырып турат. Колониялардын географиялык жактан чаржайыттыгы *креол тилдеринин* бири-бирине көз карандысыз өнүгүшү жөнүндө далилдеп турат.

*Креол тилдеринин* структурасы башка тилдерден кандайдыр-бир олуттуу кабылдоолорсуз түзүлөт. Анын иш жүзүндөгү бир тектүүлүгү – *креол тилдеринин* өз алдынча өнүгүшүнүн пайдасындагы кыйла ынанымдуу жүйө. Бир муундун жашоосунда (Гавай аралдарындагы "пиджин" тили) тартипке салынган жана бир тектүү тил өнүккөн!

*Креол тилдеринин* грамматикалык структурасы кайсы-бир башка тилдердин структурасына караганда бири-бирине кыйла жакын болгондуктан **бардык *креол тилдери* "пиджинде" сүйлөгөн иммиганттардын балдары тарабынан түзүлгөн** деп божомолдоо акылга сыярлык болот. Андан тышкары, *креол тилдери* бири-биринен обочо түзүлгөндүктөн **алардын**

[26] Ноам Хомскийдин "Универсалдык Грамматикасынын" тубасалык идеясы (Массачусетс технологиялык институту).

**лингвистикалык жалпылыгы бардык адамдарга тиешелүү болгон кандайдыр-бир жалпы өзгөчөлүктөр менен түшүндүрүлөт.**

XIX-XX кылымдардын чегинде миңдеген жумушчулар Гавай аралдарына дүйнөнүн көп өлкөлөрүнөн кант камышынын жана экзотикалык мөмө-жемиштердин плантацияларында жумушчу күчүнө болгон керектөөнү канааттандыруу үчүн алып келинген. Ушундай көп тилдүү жумушчу чөйрөдө ар башка тил топторунун ортосунда баарлашуу каражаты катары "пиджин" пайда болгон. "Пиджин" тилинде сүйлөгөн ата-энелердин балдары гавай же англис тилдеринде сүйлөгөндөрдөн обочо калган жана өз ата-энелеринен ырааттуу лингвистикалык моделди мурастап калган эмес. **Ошол балдардын чөйрөсүндө "пиджинге" караганда кыйла өнүккөн тил жаралган. Гавай аралдарынын *креол тилдери* деп аталган бул тилде негизинен англис тилинин өздүк курамы пайдаланылган, бирок анын структурасы англис тилинин же кайсы-бир башка креол эмес тилдин структурасынан таптакыр айырмаланат. Бүткүл дүйнөдө Гавай аралдарында орун алганга окшош социалдык-экономикалык шарттарда көп учурда "пиджин" тибиндеги тилдер келип чыккан, аны иммигрант-жумушчулардын балдары кийин *креол тилдерине* айландырган.**

**"Сүйлөө тилинин жана музыканын келип чыгышы" деген <u>төртүнчү глава</u>** эки параграфтан турат.

**«Сүйлөө тилинин келип чыгышы боюнча жаңы идеялар жана гипотезалар"** деген *биринчи параграфта* адамдын тилинин келип чыгышынын маселелеринин жалпы панорамасы берилген, ал жаңы илимий деңгээлге чыгат. XX жана XXI кылымдардын чегинде ушул теманы талкуулоодо "бардык сөздөр үндөрдү тууроодон" же "кубангандан, корккондон ж.б. эмоционалдык кыйкырып жиберүү тилдин түзүлүшүнө алып келди" деп жөн гана айтып коюуга эми болбойт. Философиялык ой-жүгүртүүлөрдүн ордуна *антропологиялык, археологиялык, генетикалык, психолингвистикалык, этологиялык, физиологиялык, нейрофизиологиялык, эволюциялык антропологиялык* дайындарды тереңдеп талдоо келет. Бул аныктыктын жетиштүү жогорку даражасы менен адамдын тилинин калыптанышынын реконструкциялоого мүмкүнчүлүк берет.

Тилдин жаралышынын башатына көз караштардын бири өнүгүүнүн эволюциялык процессин четке каккан *креационисттик*[27] мүнөзгө ээ. Ушул теорияга ылайык адамдын тили "Чоң жарылуу" катары мындан 35 миң жылдан 50 миң жылга чейин мурда капилеттен пайда болгон феномен катары каралган.

Бүгүнкү күндө тилдин келип чыгышынын 500-төн ашык ар кандай теориялары бар. Алар эң башкы суроого жооп берүүгө аракет кылышат:

---

[27] Креационизм (< лат. creation (creationis) түзүү) – дүйнөнүн, Жердин, жашоонун, адамдын жаралышы "кудайдын жасагандыгынын" натыйжасы деп эсептеген, алардын тарыхый өнүгүшүндө түрлөрдүн өзгөрүшүн четке каккан биологиядагы идеалисттик багыт.

- адамдар тилди кантип түзгөн?

-тилдин келип чыгышына эмне себеп болгон? ж.б.

Тилдин келип чыгышынын кээ бир теорияларын санап өтөлү:

- Диний теориялар;

- Антикалык гипотезалар: *фюсей* менен *тесейдин* жактоочулары; стоиктер;

- Жаңы мезгилдин гипотезалары: *үндү тууроо гипотезасы, сырдык сөздүк гипотеза, биологиялык гипотеза, коомдук келишим гипотезасы, эмгектик кыйкырыктар теориясы,* ж.б.

Соңку жылдары адамдын эволюциясынын маселеси менен тыгыз байланышкан *казып алынган гоминиддер*[28] жөнүндө билимдер олуттуу толукталууда. Алсак, маймылдын адамга айланышы кыска мезгилде болгон эмес. Адам менен шимпанзеге алып барган эволюциялык тилке (молекулярдык дайындар боюнча) болжол менен 5,5 - 6,5 млн. жыл мурда бөлүнгөн. Ошентип, **"Тилдин эволюциясы адамдын өзүнүн эволюциясынын бир бөлүгү болуп саналат"**.

*Австралопитектер* билгич адамга – Homo habilis-ке, ал эми билгич – тике туруп басуучуга – Erectus-ка, тике туруп басуучу – жөнөкөй Sapiens-ке, ал – Неандерталдарга (Homo neanderthalensis), ал эми Неандерталдар – Homo sapiens sapiens-ке, б.а. бизге айланган. Муну менен катар адамдын түрлөрүнүн улам көп квазилери пайда болгон, алар убакыттын өтүшү менен кырылып жок болуп, өзүнөн кийин казып алынуучу калдыктарды гана калтырган.

Ошентип, адамдын тилинин келип чыгышы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин архаикалык формадагы дооруна таандык. Адамдын сүйлөөсүнүн пайда болушу бир илимпоздордун пикири боюнча 1,5 млн., башкаларынын пикири боюнча 2,5 млн. жыл мурда жүргөн.

Адамдын ата теги **коммуникативдик системанын** кишенинен бошонуп чыккан, ал жарым миллиард жылдын ичинде калган бардык түрлөргө кызмат кылган, балким байыркы адамдарды ага кандайдыр-бир зарылчылык, б.а. катуу муктаждык аргасыз кылган, ал тилдин жаралышы сыяктуу радикалдуу натыйжаларга алып келгендир (Дерек Бикертондун гипотезасы, 2009). *Коммуникативдик система* түрлөрдү сорттоого жардам берип, түрлөрдү же бүтүндөй эле тукумдарды уюштурат. Мисалы, мурдагы *австралопитектүүлөр* токойлордо жашаган. Андай турмушка жакшы ылайыкташпагандар чет жакка сүрүлүп калган. Ошол чет жакалардын тургундары өздөрүнүн топторун түзүшкөн. Токойлордун саванналар менен

[28] Казып алынган гоминиддер - «Антропология» бөлүгү. Австралопитектин алгачкы табылгасы болуп Түштүк Африкадагы Таунг үңкүрүнөн табылган баланын баш сөөгү саналат, аны 1924-жылы Р.Дарт сыпаттап жазган. Табылганы австралопитектер тукумуна кошушкан (Australopithecus, «австрало» – түштүк, «питекос» – маймыл). 1950-жылы белгилүү антрополог Ле Гро Кларк австралопитектердин калдыктарын кылдат иликтеп чыгып, австралопитектер адам кейпиндеги маймылдарга караганда адамдарга көбүрөөк жакын болгон деген тыянакка келген.

алмашуусу жайбаракат жана узак мезгил бою жүргөн. Мына ушундай кайра түзүүлөрдүн фонунда жана процессинде *адамдын тили* келип чыккан. Дал ушундай жол менен *жаңы коммуникациялык система* түзүлгөн. Дал ошол *коммуникация* түрлөрдү сорттоону жүзөгө ашырат, ал *жаңы түрлөрдүн түзүлүшүнө* алып келет (С.А.Бурлак, 2008). Ал эми *түрлөрдүн түзүлүшү* эволюциянын чордонунда – тилде жатат, бирок тилдин жаралышы *түрлөрдүн түзүлүшүнүн* бир бөлүгү гана болгон («speciation event») (Дерек Бикертон, 2009).

Маселенин башка жагы **генетикага** байланыштуу. *Адамдын тилинин келип чыгышын* иликтөө бул илимдин заманбап дайындарысыз мүмкүн эмес. Бүгүнкү күндөгү молекулярдык-генетикалык изилдөөлөр адамдын тек жайынын тарамдашы жөнүндө түшүнүктү катуу өзгөрттү. Мисалы, *неандерталдык* акыл-эстүү адамдын (Homo sapiens-тин) түпкү атасы эмес экендиги белгиленген, анткени акыл-эстүү адамдын жана неандерталдыктын түпкү аталарынын бөлүш мезгили митохондриалдык ДНК[29] маалыматтары боюнча болжол менен беш жүз миң жыл менен бааланат. Биздин түрдүн түздөн-түз түпкү атасынын ордуна азыркы учурда Хомо эректус (*Homo erectus*), Хомо эргастер (*Homo ergaster*), Хомо гейдельбергский (*Homo heidelbergensis*) ж.б. атаандашат.

**Тилдин гени** болобу? Бүгүнкү күндө лингвистика бул суроого ынанымдуу жооп берет. Мында ага *физиология, психолингвистика, нейрофизиология, генетика* ж.б. сыяктуу илимдер жардам берет. Биз тилдердин жашап турушу көп сандаган механизмдердин (*Брок зонасы,*[30] *Вернике зонасы,*[31] *дем алууга кылдат контролдоо,* ж.б.) иштеши менен шартталгандыгын билебиз, ошондуктан ушундай татаал системада кичине мүчүлүштүк тилдин иштөө мүмкүнчүлүгүнүн өзүн иштен чыгарууга алып келет. *Гендер* бардык механизмдерге, анын ичинде *тилге* да таасир этет. Мисалы, XXI кылымдын башында тилди камсыз кылууда зор роль ойногон гендер ачылган, ага “эң оболу жетинчи хромосомдун FOXP2 *гени* [A forkhead-

---

[29] Митохондриалдык ДНК (мт ДНК) – митохондрияларда, органоиддерде, эукариотикалык клеткаларда турган (өзөктүк ДНКдан айырмаланган) ДНК. Митохондриалдык ДНК код берилген гендер өзөктөн тышкары (хромосомдон тышкаркы) жайгашкан плазмагендик топторго таандык. Клетканын цитоплазмасында топтолгон мурастуулуктун ушул факторлорунун топтому организмдин ошол түрүнүн плазмонун (геномдон айырмаланат) түзөт.

[30] Брок борбору – баш мээсинин кыртышынын бөлүгү (1865-жылы аны ачкан француз антропологу жана хирург Поль Броктун атынан аталган), ал сол жарым шардын (сологой эместерде) үчүнчү маңдайкы бырыштарынын арткы төмөнкү бөлүгүндө жайгашкан, анын иши сүйлөөнү мотордук уюштурууну жана көпчүлүк учурда фонологиялык жана синтаксистик кодификацияларды камсыз кылат. Брок зонасы – бул сүйлөөнүн кыймылдык борбору, сүйлөө-кыймылдоо органдарынын зонасы – сөздү сүйлөө үчүн жоопкерчиликтүү сүйлөө моторикасы.

[31] Вернике облусу (сенсордук сүйлөө зонасы) – баш мээсинин кыртышынын сүйлөөгө байланышкан маалымат менен иштөөгө катышкан зонасы.

domain gene..., 2001]. Бул гендин бузулушу “сүйлөөнү өзгөчөлүү бузулушу” деп аталат [Gopnik, 1997; A genomewide scan..., 2002]: артикуляциянын бузулушуна, грамматика жагындагы көйгөйлөргө, ооздун булчуңдарына мээнин контролдук кылышынын бузулушуна алып келет [Pinker, 2003]. Бирок тилдин жөндөмдүүлүктү камсыз кылууда FOXP2 *гени* гана эмес, башка гендер да (заманбап изилдөөлөрдүн натыйжалары мына ушундай, 2002) атап айтканда, *альфа-текторин гени* роль ойнойт.

Тил **генетикалык жактан кодго коюлуп** калышы мүмкүнбү? “Тилдин келип чыгышы” деген китепте С.А.Бурлак минтип жазат: “Д. Бикертондун пикири боюнча *пиджиндин креолдашуусу* (курсив ЧУБ) адамда тубаса, Универсалдык Грамматиканын коддолгон гендердин болушунун эң сонун далили болуп саналат”. Бул жерде бизге “**Универсалдык Грамматика”** теориясы жолугат, анын автору америкалык лингвист *Ноам Хомский*.[32] Азыркы когнитивдик илимде универсалдык грамматика гендик деңгээлде орноп калган тил жөнүндө билим катары түшүнүлөт.

*Мээде өзгөчөлүү сүйлөө борборлорунун* болушу *Хомскийдин* **тилдин тубаса мүнөзү жана универсалдык грамматиканын болушу** жөнүндө божомолун ырастап турат (ЧУБ белгилеп койгон). Демек, бардык адамдар үчүн тубаса болуп саналган грамматикалык маалыматтардын кээ бир топтомдору бар тура, ар башка тилдер болсо ошол топтомдон айрым фрагменттерди тандап алат [Пинкер, 2004]. Мисалы, чоңдордун тилинде алар жок болгон учурда да, балдар грамматиканы үйрөнүп алууга жөндөмдүү: алсак, кандайдыр-бир катуу милдеттүү эрежелерге ээ болбогон *пиджин* бир муундун ичинде толук кандуу грамматикалык системасы бар *креол тилине* айланып кетет. Кыйла ырааттуу нативисттердин (тилдин тубасалыгын жактагандардын) бири *Д. Бикертондун* пикири боюнча *пиджиндердин креолдошуусунда* “эч нерседен” грамматиканын келип чыгышынын өзү адамдын тилинин Универсалдуу Грамматикасынын тубаса мүнөзүн кыйла олуттуу көрсөтүп турат (С.А.Бурлак, М., 2007).

Эмне үчүн адамда чоң **мээ** пайда болгон? Кадыр-барктуу антропологдордун пикири боюнча мээнин тез чоңоюп кетишине Африкада кургакчылыкты пайда кылган жана саваннада жашагандарды аман калуу үчүн ойлоп табуучулукка түрткөн туруктуу муз мезгилинин болушу өбөлгө болгон. Бирок плейстоцендик муз доору башталганга чейин көп мурда эле биздин ата-бабаларыбыздын жүрүш-турушунда климаттын глобалдык өзгөрүшүнө жатыгууга жөндөмдүүлүгүбүздү шарттаган, акыр аягында мээнин жигердүү өнүгүшүнө жана көлөмүнүн көбөйүшүнө алып келген кээ

[32] Аврам Ноам Хомский (көп учурда *Хомски* же *Чомски* катары транскрибцияланат, англ. *Avram Noam Chomsky*) — америкалык лингвист, саясый публицист, философ жана теоретик. Массачусетс технологиялык институтунун профессору, *Хомскийдин иерархиясы* деп аталган формалдык тилдерди классификациялоонун автору.

бир аспекттер пайда болгон болуу керек. Алсак, *Австралопитектин*[33] мээсинин көлөмү 500 $см^3$ жакынды түзгөн, ал эми *Homo habilis-тин* мээсинин көлөмү 600 $см^3$ жакынды түзгөн, *архантроптун*[34] мээсинин көлөмү 1000 $см^3$, *неоантроптун*[35] мээсинин орточо мааниси – 1500 $см^3$ жакынды түзгөн.

1 млн. жылга жакын мурда адамдын ар кандай түрлөрүнүн өкүлдөрүнүн мээсинин көлөмү 400-дөн 1000 куб. см чейин өсүп, ал түгүл азыркы өлчөмүнө жеткен. Болбосо адамдын мээсинин көлөмү тарыхый сахнада заманбап типтеги адамдар пайда болгонго көп мурда төрттөн үчкө көбөйгөн. Иш жүзүндө соңку 150 миң жылда заманбап типтеги адамда мээнин көлөмүнүн жалпы азаюусу орун алган. Ошентип, физикалык көз караштан алганда адамдын санжырасынын эволюциясынын баштапкы мезгили өтө дүркүрөп өсүп жана мазмундуу болгон.

Бардык ушул окуялар байыркы адамдын жөндөмдүүлүгүнүн жана социалдык өз ара аракеттенүүсүнүн фонунда жүргөн. Мына ушул жүрүш-туруш ыкмаларынын жаңы комплекси жагымсыз климаттык факторлорго туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк берген зор потенциалга ээ болгон. Мээнин тез өсүшүнө байланышкан жаңы жүрүш-туруш ыкмалары (2,5 млн. жыл мурда) плейстоцендик муз доорунун башталышына туура келген. Ошол мезгилдеги гоминиддердин дене боюнун өнүгүшүнүн кыйла маанилүү өзгөчөлүгү болуп эки буту менен **(бипедализм)** туруктуу басып жүрүүгө болгон кайталангыс жөндөмдүүлүгү саналат. Өз кезегинде түз басуу (эки бут менен)[36] адамдын ата тегинин мээсин жигердүү пайдаланууга үйрөттү, мында ага *сүйлөө* жана *тилдин* коэволюциясы (физиологиялык мааниде) жардам берди, ал өз кезегинде *мээнин көлөмүнүн* өнүгүшүнө көмөк көрсөттү.

Тилдин келип чыгышынын маселеси кыйла татаал жана тил таанууда акырына чейин чечиле элек бойдон калып жаткан маселелердин бири. Бүгүнкү күндө орун алган тилдер, алардын саны 3000-ден 6000-ге жана андан да көпкө өзгөрүлүп турат, алар өнүгүүнүн жогорку деңгээлинде турат. Тилдин келип чыгышы болсо адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин архаикалык доорго таандык формасына кирет. Адамдын сүйлөөсүнүн пайда болушу бир илимпоздордун пикири боюнча 1,5 млн., башкаларынын пикири

---

[33] Австралопитéктер (лат. *australis* – түштүк, жана байыркы грек πίθηκος – маймыл) – казып алынган жогорку приматтардын тукуму, анын сөөктөрү биринчи жолу Калахари чөлүндө (Түштүк Африка) 1924-жылы, андан кийин Чыгыш жана Борбордук Африкада табылган. Адам тукумдарынын ата теги же адамдарга карата топтун "карындаштык" тобу болуп саналат. Алар болжол менен 4 млн. жыл мурдагыдан миллион жыл мурдагыга чейин жашаган.

[34] Архантроптор (грек. Archaios – байыркы жана anthropos – адам) - адам тукумунун байыркы өкүлдөрү катары каралган казып алынган адамдардын топтом аталышы.

[35] Неоантроптор (байыркы грек. νέος – жаңы жана ἄνθρωπος – адам) – казып алынган жана азыр жашап жаткан азыркы типтеги адамдардын жалпыланган аталышы.

[36] Australopithecus anamensis – эки буту менен басып жүргөн приматтардын сөөктөрүнүн калдыктары бүгүнкү күндөгү бипедализмдин эң эрте далилдери. Бул 4 млн. жыл мурда делген сөөктөр 1995-жылы Кениянын түндүгүндөгү Туркана көлүнүн жээгинен табылган.

боюнча – 2,5 млн. жыл мурда жүргөн. Соңку 2 млн. жылдын ичинде азыркы адамдардын ата теги байыркы приматтардын угуу системасынын (жана үн аппаратынын) жана мээсинин өнүгүшүндө чечүүчү факторлордун бири болуп калган *түз баскандардан* (бипедализм)[37] эволюцияланган.

"*Адамдын тилинин келип чыгышынын болбой койбостугу жөнүндө*" темага дүйнөнүн кадыр-барктуу лингвисттеринин көп эмгектери арналган. Алардын көпчүлүгү *тилдин келип чыгышы* адамдын өзүнүн эволюциясынын болбой койбой турган натыйжасы болгон.

«**Археология жана музыканын эволюциясы»** *деген экинчи параграф.* XX кылымдын акырында – XXI кылымдын башында чет өлкөлүк илимий адабиятта антропология, археология, физиология, когнитивдик психология ж.б. байыркы адамдын – *гоминиддердин* маселеси өзгөчө кылдат иштелип чыгууда. Алгачкы адамдарда *музыкалык жүрүш-туруштун келип чыгышынын* жана *мүнөздөрүнүн* маселеси али аз иликтенген, ошондой эле прото-*музыкалык жүрүш-туруш* менен толук жүзөгө ашырылган *музыкалык жүрүш-туруштун* ортосунда өтүүгө арналган тема түйүлдүк абалда турат. *Музыканын эволюциясын*, байыркы адамдардын музыкалык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана музыкалык жүрүш-турушунун алдыңкы тарыхын жана өбөлгөлөрүн изилдөө үчүн илимдин ар кандай тармактарына кайрылып, археологиялык, антропологиялык, этнографиялык, жүрүш-туруштук жана башка далилдерди колдонуу керек. Илимпоздордун алдында музыкалык ишмердик жагында, мисалы акыл-эстүү Адамдын (Homo Sapiens – анатомиялык жактан азыркы адам) чексиз үстөмдүгүнүн доору катары *Палеолитте* али көп нерселерди жасоо милдети турат. Адамдын музыкалык ишмердигинин алдыңкы тарыхы же археологиясы жөнүндө илимдеги "жаңы сөзгө" келсек, анда бул жагынан кээ бир табылгалар жана ачылыштар англиялык жана америкалык илимпоздор тарабынан жасалган. Ушул максаттар үчүн алар билимдердин: *палеоантропологиянын, палеоархеологиянын, этномузыка таануунун, неврологиянын, эволюциялык жана социалдык психологиянын, эволюциялык биологиянын, биоантропологиянын* ж.б. эң кеңири ар түрдүүлүгүнүн дайындарын пайдаланат.

Археологияда Палеолиттен *музыкалык ишмердикке* тиешелүү табылгалардын көпчүлүгү XIX кылымдын акырында жана XX кылымдын башында табылган. Байыркы адамдын музыкалык ишмердигинин алдыңкы тарыхы же археологиясы жөнүндө илимдеги жаңы жетишкендиктер, мисалы, англиялык антрополог **Иаин Морлинин**[38] доктордук диссертациясында

[37] Бипедализм (бипедалдуулук же эки буттуулук) – эки жуп аяктын (бут) жардамы менен катуу жер менен кыймылдоо жөндөмү. Биринчи кезекте бул канаттуулар, баштыгы бар сүт эмүүчүлөр жана адамдар үчүн мүнөздүү.

[38] Иаин Морли (Дарвиндик колледж, Кэмбридж университет, Улуубритания; 2003) «Эволюциялык булактар жана музыканын археологиясы» же "Археологиялык, антропологиялык, аңдап-түшүнүү жана жүрүш-туруштук далилдердин жардамы менен

көрсөтүлгөн **“Эволюциялык булактар жана музыканын археологиясы” же “Археологиялык, антропологиялык, аңдап-түшүнүү жана жүрүш-туруштук далилдердин жардамы менен адамдын музыкалык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана жүрүш-турушунун алдыңкы тарыхын илимий изилдөө”** деген изилдөөлөрдө бар. Бул изилдөө музыкалык жүрүш-туруштун негиздеринин, алардын өз ара байланыштарынын, өнүгүшүнүн жана биротоло пайда болушунун далилдерин келтирет.

Соңку 20 жылда адамдын мээсинин эволюциясын жана анын аңдап-түшүнүү жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүн изилдөөгө кызыгуунун арткандыгын байкоого болот, ошондой эле интеллекттин табияты жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн казып алынган жана археологиялык маалыматтарга жана адамдын ата тегинин билимдеринин негиздерине таянуу менен когнитивдик археологияда иштер жүргүзүлүүдө. Бирок, бир тема  кол тийгис бойдон калган – ал **музыкалык жөндөмдүүлүктөрдүн эволюциясы**. Нейро-психологиялык изилдөөлөр адамдын ***музыкалык жөндөмдүүлүгүнүн*** эволюциялык терең тарыхы бар экендигин болжолдойт. Кээ бир илимпоздордун пикири боюнча акустиканы жана музыкалык аспаптарды пайдалануу 40000 жыл мурдагыдан кеч эмес пайда болгон. Бирок бул азыркы анатомиялык алгачкы адамдар жана башка адамдын маанилүү аңдап-түшүнүү жөндөмдүүлүктөрү 80000 жылдан эрте эмес пайда болгондугунун башка маалыматтарына карама-каршы келет (Иаин Морли, 2003; Scothern, 1992; Lawson, 1998; Лоусон и d'Errico, 2002; ж.б.).

Бул жагындагы заманбап изилдөөлөр *аңдап-түшүнүү археологиясын* андан ары өнүктүрүүгө жана *адамдын музыкалык жөндөмдүүлүктөрүн* түшүнүүгө олуттуу салым кошууга умтулуп жатат. Ушуга байланыштуу музыкалык жүрүш-туруштун негиздерин, ошондой эле алардын Палеолит доорунда биротоло пайда болушун кароо зарыл. <u>Изилдөөнүн милдети</u> музыкалык жөндөмдүүлүктөр биринчи жолу качан иштелип чыккандыгын, ал окуялардын адамдын ата тегинин контекстиндеги себептерин, биринчи тилдик жөндөмдүүлүктөр менен баштапкы музыкалык жөндөмдүүлүктөрдүн ортосундагы физикалык жана психикалык байланыштарды, адамдын музыкага эмоционалдык реакциясынын эволюциялык  негиздерин, музыканы пайдалануунун мүнөздөрүн жана себептерин аныктоодо турат.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы чыгарылат.

*Биринчи тил* же *дүйнөлүк байыркы тил* маселесинде кыйла ыктымалдуу теория болуп ***моногенез*** теориясы саналат, <u>сүйлөө тили бир тамырдан келип чыккан.</u> Бул жөнүндө **“глобалдык этимология”** далилдеп турат: тамырлардын топтому, алар үстүртөн болгон окшоштук деңгээлинде бүткүл дүйнөдө жолугат. <u>Адамзаттын биринчи тилин</u> реконструкциялоо – татаал милдет, ал кыйла көлөмдүү маалыматтарды талап кылат.

---

адамдын музыкалык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана жүрүш-турушунун алдыңкы тарыхын илимий изилдөө” (Iain Morley; Darwin College, Cambridge University, United Kingdom).

*Салыштырмалуу тил таанууда* моногенизмдин (полигенизм эмес) пайдасында **тилдин структурасы** да чыгат: бул тилдин добуштук жагы (анын сырткы чели), ал дайыма өзгөрүп турат (татаал фонетикалык өзгөрүүлөр жүрөт), бирок анын ичин карай турган болсок, анда бардык адамдар дээрлик бир тилде сүйлөшөт, б.а. тилдин жалпы түзүлүшү абсолютту окшош. **Адамдын тилдери абсолютту окшош терең структурага ээ (**Креол тилдери**)**. Ошентип, *моногенез* теориясы бардык белгилүү тилдер жалпы тектен келип чыккандыгын ырастайт. Убакыттын өтүшү менен сөздү сүйлөөдө добуштун айтылышындагы өзгөрүүлөр бирдиктүү биринчи тилден өсүп чыккандыгын далилдейт. Homo sapiens – бирдиктүү түр, демек, тил да бир тектен келип чыгышы мүмкүн.

*Сүйлөө* жана *музыкалык тилдер* бир булактан, *биринчи тил* деп аталгандан келип чыккан деген тыянак жасоого болот. Бул жөнүндө диссертациялык изилдөөнүн башкы маселесине жүргүзүлгөн культурологиялык талдоонун жыйынтыгы, атап айтканда, адамдын тилинин анын фундаменталдык түрлөрүндө “музыкалык тил” жана “сүйлөө тили” сыяктуу *дуалдык маңызын* кароо далилдеп турат.

*Тилдин* эки формасында тең маанилүү бириктирүүчү башталыш болуп ***интонация*** саналат. Музыканын таасири өзгөчөлүү ***музыкалык тил*** аркылуу жүрөт, ал адамдын эмоциясына жана сезимдерине гана эмес, ошондой эле анын психикасына, дене боюнун моторикасына, кыялдануу, фантазиялык, интуициялык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүү менен аны кеңири жүзөгө ашырат. Музыка – бул эң оболу көркөм өнөр, ал үчүн убакытта өзгөчө образ менен ишке ашкан (“добуштарда ой-жүгүртүү”) *добуш* жана *интонация* көркөм образдарды жүзөгө ашыруунун каражаты болуп саналат. “Интонация – музыканын дем алуусу. Бардык көркөм өнөр, жана бүтүндөй маданият интонациялуу”.[39]

Музыкалык интонация келип чыгышы боюнча тектеш жана көп жагынан сүйлөө интонациясына окшош. Суроо берүү, илептүү, баяндоо интонациясы – бул айтууда (лингвистика) *тондун* жогорулашына жана басаңдашына көз каранды болгон *сүйлөөнүн* ыргактык-обондуу *катары*. Кээ бир физиологиялык өзгөчөлүктөр боюнча *музыкалык интонация, сүйлөө интонациясы* сыяктуу эле эмоцияны билдирген сүйлөөнү жана вокалдык музыкада дем алуунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жана добуштук байламталардын булчуңдарынын иштеши менен жөнгө салынып турган добуштардын жогорку өзгөрүшүнүн процессин билдирет.

Ошентип, диссертацияда ойду билдирүүнүн эң кеңири таркаган формаларында *сүйлөө* жана *музыкада* ***тил*** сыяктуу адамдын баарлашуусунун глобалдык формаларынын биринин к*елип чыгышынын биримдигинин* жана *баштапкылыгынын* маселеси каралган. Бул изилдөө милдети тилдин *прасинкретикалык* табияты (Сильбо Гомера тили), адамдын тубаса

[39] Медушевский В.В. «Информационная форма музыки», М., 1993, с. 195.

грамматикалык жөндөмдүүлүгү (“тилдин биопрограммасы” жана тубаса универсалдык грамматика жөнүндө гипотеза), *адамдын тилинин келип чыгышынын болбой койбостугу* темасы (адамдын эволюциясынын өндүрүштүк бөлүгү катары), алгачкы адамдарда (гоминиддер) *музыкалык жүрүш-туруштун келип чыгышынын жана мүнөздөрүнүн* маселеси жана башка маселелерди коюу, кароо жана далилдөө менен ырасталат. Бул үчүн ар башка илимдердин: лингвистиканын, музыка таануунун, этнографиянын, жалпы тил таануунун, эволюциялык антропологиянын, палеоархеологиянын ж.б. маалыматтары колдонулат. Ошентип, өз башатында бир жана жалпы тилдин дуалдык маңызынын маселеси комплекстүү ыкмалар, интерилимий билимдер жолу менен чечилет.

**Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:**

**Илимий жыйнактардагы жана журналдардагы макалалар:**

**1.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Речевой язык как объект изучения культурологии. Лингвистика как наука о речевом языке // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №1. – С.217-220.

**2.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Речевой язык как объект изучения культурологии. Основы языкознания (лингвистики) // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №1. – С.221-224.

**3.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Сравнительно-историческое языкознание как объект изучения культурологии. Теория моногенеза и Библейский моногенизм // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №2. – С.192-195.

**4.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Языкознание как объект изучения культурологии. Теория моногенеза, ностратические языки, компаративистика, макросемья // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №2. – С.196-200.

**5.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Музыкальный язык как объект изучения культурологии. Музыкальная и речевая интонация // Наука и новые технологии. – Бишкек 2015. – №2. – С.200-203.

**6.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Музыкальный язык как объект изучения культурологии. Средства и элементы музыкальной выразительности (музыкальный язык) // Наука и новые технологии. – Бишкек 2015. – №2. – С.204-207.

**7.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Музыкальный язык как объект изучения культурологии. Музыкальные системы – феномен культуры (Хроматика, пентатоника) // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №3. – С.173-177.

**8.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Краткая история лингвистических учений. Наука о языке в древних цивилизациях // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №3. – С.178-181.

**9.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Музыкальный язык как объект изучения культурологии. Музыкальные системы – феномен культуры (Диатоника, энармоника) // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №4. – С.112-115.
**10.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Краткая история лингвистических учений. Греко-римская языковедческая традиция – фундамент европейского языкознания // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек 2015. – №4. – С.119-121.
**11.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Старые гипотезы и новые идеи по происхождению речевого языка // Вестник Каз. нац. ун-та им. Аль-Фараби. – Алматы 2015. – №3 (52). – С.200-208.
**12.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* О нативности систем человеческого языка. Язык Сильбо Гомера // Вестник Каз. нац. ун-та им. Аль-Фараби. – Алматы 2015. – №3 (52). – С.210-218.
**13.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Рождение языков: жаргон, пиджин, смешанные языки, креольские языки // СИМВОЛ НАУКИ. – Уфа 2016. – №2, часть 3. – С.245-249.
**14.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Креольские языки. Теория Дерека Бикертона // НОВАЯ НАУКА: ОТ ИДЕИ К РЕЗУЛЬТАТУ. – Стерлитамак 2016. – часть 3. – С.128-134.
**15.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* О культурологическом методе исследования // Проблемы современной науки и образования. – Иваново 2016. – № 07 (49). – С.202-206. [Электронный ресурс] // URL: http://ipi1.ru/s/24-00-00-kulturologiya/589-o-kulturologicheskom-metode-issledovaniya.html
**16.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Происхождение речевого языка в свете эволюции человека: культурологический аспект» // Проблемы современной науки и образования. – Иваново 2016. – №16 (58). – С.134-138.
**17.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Научные воззрения о музыке: античные ученые и арабские мыслители // Вестник Таджикского нац. ун-та. – Душанбе: СИНО, 2016. – №3/1 (194). – С.114-122.
**18.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Речевой и музыкальный языки – две фундаментальные формы человеческого языка // Мир культуры и культурология. – СПб: НОКО, 2016. – Вып. 5 – С.106-109.
**19.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Происхождение речевого языка и археология музыки (новые идеи и гипотезы) // Сб. науч. статей участников круглого стола X Кагановские чтения (РГПУ им. А.И. Герцена, 18 мая 2016 г.). – СПб: Астерион, 2017. – С.88-93.
**20.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Музыка и вербальный язык: различные контексты взаимоотношений // Проблемы современной науки и образования. – Иваново 2017. – № 15 (97). – С.106-109.
**21.** *Уметалиева-Баялиева Ч.Т.* Новые аспекты в методологии культурологического знания // Проблемы современной науки и образования. – Иваново 2017. – № 15 (97). – С.109-113.

**Уметалиева-Баялиева Чынар «Сүйлөө тилинин жана музыканын башаттары жана эволюциясы: культурологиялык талдоо»** темасындагы 24.00.01 – маданияттын теориясы жана тарыхы боюнча культурология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** сүйлөө тили**,** музыка тили, лингвистика, салыштырма-тарыхый тил таануу, моногенез теориясы, байыркы тил, музыка таануу, интонация, дуалдык маңыз, синкретикалык тил, ышкырык тили, пиджин жана креол тилдери, приматтар, гоминиддер, адамдын эволюциясы, музыканын археологиясы.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** "музыкалык тил" жана "сүйлөө тили" фундаменталдык туюнтуу формалар катары – адам тилинин дуалдык маңызын көрсөтөт. Дисциплиналар аралык билимдин тогошуусунда турган *сүйлөө тилинин* жана *музыканын* келип чыгышынын маселесине басым жасалат. **Изилдөөнүн предмети** катары **тил таануу, лингвистика** жана **музыка таануу** деген фундаменталдык гуманитардык илимдердин белгилери болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** культурологиялык анализ негизиндеги сүйлөө тилдин жана музыканын бирдей жаралуусунун жана адамдын вербалдык-синтаксистик интонация-музыкалык жолу менен көрсөтүүнүн өз ара мамилесинин далили.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** бир топ цикл-процесс изилдөөсү, себептерди издөө жана чечим кабыл алуу үчүн диссертанттын коюлган максатына жеткирген системалык ыкмалар колдонот. Ал үчүн адамдын тилинин дуалдык маңызы проблемасына таянган кээ бир жасалма макросистема түзүлөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Ата-мекендик илиминде биринчи жолу изилдөө объекти катары адамдын тилинин *дуалдык маңызы* – анын "музыкалык тил" жана "сүйлөө тили" культурологиялык проблема орун алуу катары белгиленет. Андан тышкары <u>лингвистика</u> жана <u>музыка таануу</u> гуманитардык илимдердин белгилери аныкталат. Ошондой эле *тилдик түркүмдөрдү, макротүркүмдөрдү* (алтай, картвель, дравидиялык, индоевропа, урал, афразиялык, эскимосс-алеут тилдери) жана *музыкалык элементтерди* жана *системаларды* же *тектерди* (диатоника, хроматика, пентатоника, энармоника) салыштырып-теңештирип талдоо жүргүзүлөт; адамдын тилинин байыркы формасы катары баштапкы тегинин темасы жана системанын нативдүүлүгү менен салыштыруу үчүн жалпы тил таанууда темалардын бүтүндөй блогу: *салыштырмалуу-тарыхый тил таануу, байыркы тил, байыркы дүйнөлүк тил, моногенез теориясы, тилдердин моногенези, ностратикалык тилдер, ностратикалык концепция, компаративистика,* ж.б. бөлүп көрсөтүлгөн; *сүйлөө* жана *музыкалык тилдер* эволюциянын кыйла жолун басып өткөндүгүн жана алардын ар бири ишке ашуунун эң татаал формаларында өнүгүп, аларга берилген классификацияда тарамдашып кеткендигин далилдөө үчүн *тил жөнүндө илимди* ("лингвистикалык окуулардын тарыхы") *музыка жөнүндө илим* ("музыка жөнүндө илимий көз караштардын кыскача ретроспективасы") менен удаалаш салыштыруу жүргүзүлөт. Тилдин ар кайсы формасы илимдин өз тарабы жагынан иликтенген жана анын ыкмалары жана принциптеринин дайындарында жалпыланган; *тилдин нативдик системасынын* (эне, башынан таандык, түпкү) маселеси алдыга чыккандыгы, аны «Сильбо Гомера тили» (Канар аралдары) жана башка "ышкыруу тилдери", ошондой эле *пиджиндер* жана *креол тилдери* көрсөтүп турат; "*Сүйлөө тилинин келип чыгышынын*" (жаңы идеялар жана гипотезалар) жана "*Музыкалык тилдин келип чыгышынын*" (музыканын археологиясы) көйгөйлөрүнө салыштырып иликтөө жүргүзүлөт.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациянын материалдарын эң эле кеңири илимий-окуу ишкердиктерде колдонсо болот (теоретикалык конференциялар, лекциялар, семинардык сабактар, методикалык усулдар, ж.б.). Бардыгы дисциплина аралык илимдер менен алек болгондор, бул диссертацияда ар-кандай баймабай фактологиялык материалдарды табалат.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Уметалиевой-Баялиевой Чынар на тему: «Истоки и эволюция речевого языка и музыки: культурологический анализ», представленной на соискание ученой степени доктора культурологических наук по специальности 24.00.01 – теория и история культуры**

**Ключевые слова:** речевой язык, музыкальный язык, лингвистика, сравнительно-историческое языкознание, теория моногенеза, праязык, музыковедение, интонация, дуальная сущность, синкретический язык, язык свиста, пиджины и креольские языки, приматы, гоминиды, эволюция человека, археология музыки.

**Объектом диссертационного исследования** является рассмотрение *дуальной сущности* человеческого языка – в его фундаментальных формах выражения, как «музыкальный язык» и «речевой язык». Акцентируется проблема *происхождения речевого языка* и *музыки,* находящаяся на стыке междисциплинарного знания. **Предметом исследования** являются данные двух фундаментальных гуманитарных наук, как **языкознание, лингвистика** и **музыкознание, музыковедение.**

**Цель** диссертационной работы заключается в доказательстве единства происхождения ***речевого*** и ***музыкального языков*** на основе культурологического анализа взаимоотношений ***вербально-синтаксических возможностей*** человека и его ***интонационно-музыкального*** способа выражения. **Методологическую основу исследования** составляет системный подход, как многоцикловый процесс изучения, поиска причин и принятия решений для достижения поставленной диссертантом цели на основе искусственно созданной *макросистемы*, основанной на культурологической проблеме *дуальной сущности человеческого языка.*

**Научная новизна исследования** заключается в том, что впервые в отечественной науке, объектом исследования становится культурологическая проблема *дуальной сущности* человеческого языка в его двух формах, как «музыкальный язык» и «речевой язык», а также данные двух гуманитарных наук, как лингвистика и музыковедение. Кроме того, осуществляется сопоставительно-сравнительный анализ *языковых семей, макросемей* (алтайские, картвельские, дравидийские, индоевропейские, уральские, афразийские, эскимосско-алеутские языки) и *музыкальных элементов и систем* или *родов* (диатоника, хроматика, пентатоника, энармоника); вычленяется из общего языкознания целый блок тем: *сравнительно-историческое языкознание, праязык, прамировой язык, теория моногенеза, моногенез языков, ностратические языки, ностратическая концепция, компаративистика, и др.,* для сопоставления с темой первородности и нативности систем, как праформы человеческого языка; производится параллельное сопоставление *науки о языке* («история лингвистических учений») и *науки о музыке* («краткая ретроспектива научных воззрений о музыке»), для констатации, что *речевой и музыкальный языки* прошли значительный путь эволюции и развились каждый из них до самых сложных форм воплощения, разветвляясь в данных им классификациях. Каждая из форм языка была изучена своей областью науки и обобщена данными ей методами и принципами; выдвигается проблема *нативности систем языка* (родной, исконно присущий, коренной), которую иллюстрируют: «Язык Сильбо Гомера» (Канарские острова) и другие «языки свиста», а также *пиджины и креольские языки;* производится сравнительное изучение проблем *«Происхождения речевого языка»* (новые идеи и гипотезы) и *«Происхождение музыкального языка»* (археология музыки).

**Рекомендации по использованию:** Материал диссертации может быть использован по самому щирокому спектру научно-учебной деятельности (теоретические конференции, лекции, семинарские занятия, методические разработки и т.д.). Все, кто заинтересован междисциплинарной областью знаний, найдет в данной диссертации разнообразный фактологический материал, опирающийся на данные *лингвистики, музыкальной науки, эволюционной антропологии, палеоархеологии, генетики, учения о высших приматах*, и т.д.

**SUMMARY**

**dissertation Umetalieva-Bayalieva Chynar on "The Origins and Evolution of Speech-Language and music: cultural analysis", presented for the degree of Doctor of Cultural Sciences in the specialty 24.00.01 - theory and history of culture**

**Keywords:** speech language, musical language, linguistics, comparative historical linguistics, theory monogenesis, proto-language, musicology, intonation, dual nature, syncretic language, the language of whistles, Pidgin and Creole languages, primates, hominids, human evolution, archeology of music.

**The object of the study** is to examine the dual nature of human language in its fundamental forms of expression as a "musical language" and "speech language". Emphasizes the problem of the origin of speech-language and music at the interface of interdisciplinary knowledge. **Subject** of research are two fundamental data Humanities, like linguistics, linguistics and musicology, musicology.

**The aim** of the thesis is the proof of unity of origin of speech and music languages based on the cultural analysis of the relationship of verbal and syntactic possibilities of the person and his intonation and musical expression.

**The methodological basis of research** is the systemic approach as mnogozonnoy the process of learning, reasoning and decision-making in order to achieve the dissertation objectives on the basis of artificially created macro based on the cultural problem of the dual nature of human language.

**Scientific novelty of the research** lies in the fact that for the first time in domestic science, the object of study becomes a cultural problem of the dual nature of human language in its two forms, as a "musical language" and "speech language", and the data of the two Humanities as linguistics and musicology. In addition, there is a comparative-comparative analysis of language families, macrosoma (Altaic, Kartvelian, Dravidian, Indo-European, Urals, Afro-Asiatic, and eskimo-Aleut languages) and music elements and systems or genera (diatonic, chromatic, pentatonic, enarmonia); to distinguish from General linguistics a cluster of themes: the comparative-historical linguistics, language pamiralai the language, the theory of monogenesis, the monogenesis of languages, Nostratic languages Nostratic concept, comparative studies, etc., to match with the theme of originality and intactness of systems shape human language; is a parallel correlation of the science of language ("history of linguistics") and the science of music ("a brief retrospective of scientific views about music") to the statement that verbal and musical languages have gone a long way of evolution and developed each of them to the most complex forms of embodiment, branching in their classifications. Each of the forms of language has been studied for its science and summarizes her data by methods and principles; advances the issue of intactness of the systems of language (native, primordially inherent, indigenous), which illustrate: "Language of La Gomera, La Gomera" (Canary Islands) and other "whistle languages" and pidgins and Creole languages; the comparative study of the problems of "the origin of speech and language" (new ideas and hypotheses) and "the Origin of musical language" (archeology of music).

**Recommendations for use:** the Material of the thesis can be used by the very wide spectrum of scientific and educational activities (theoretical conferences, lectures, seminars, teaching materials, etc.). All who are interested in the interdisciplinary field of knowledge, will find in this thesis a variety of factual material based on data from linguistics, music science, evolutionary anthropology, paleoarchaeology, genetics, the study of great apes, etc.



Форматы: 60х84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 3,15 б.т. Нускасы: 100

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru